# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №1 (299) | 30.01.2024. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


Башкы сөз

# *Салижан Жигитовдун учкул сөздөрү*



***

Улут болуу үчүн уруучулукту унутуш керек.

***

Биздин бийлик чындыктын тили менен сүйлөмөйүн абал оңолбойт!

***

Багы жок элдин баатыры көп!

***

Тарых шашылбайт, адамдар шашыла берет!

***

Бактысыз экенин билбеген элден бактылуу эл жок!

***

Адабиятка аралашкан киши түз жүрүш керек.

***

Биздин интеллигенциянын көзү желкесинде болуп атпайбы, көз деген маңдайда болушу керек.

***

Улуу элбиз деп мактанып, бакыра бербей, бизден кыйын элдердин этегине эрмешип, тилин, иштегенин үйрөнүп оокат кылышыбыз керек.

***

Кыргыз китеп жазса эле тарыхта калам деп ойлойт.

***

Кибиреген калктын мыкты кишиси болгончо, килейген калктын орточо кишиси болгон артык.

***

Чынында да мен идеалдуу же өрнөктүү дегидей өмүр сүрө алганым жок. Нускалуу өмүр сүргөнгө реалдуу турмуштан, коомдук шарттардан, көбүрөөк жеке өзүмдөн акылга жетиштүү бай эместигим, элеттик (провинциалдык) түшүнүктөрүм, ыкшоолугум, көп коёндун артынан кубалай бергеним, дагы башка өксүк жактарым жолтоо кылды окшобойбу. Ата-энем мени жакшы эле адамдык данек менен жараткан экен, а данектен дүпүйгөн чынардай бакыбат дарак өнүп-өсүп чыккан жок, жапалак арчадай бирдеме өсүп тим болду белем.

***

Эгер билим алуу чын эле "Ийне менен кудук казгандай" татаал болсо, күндүр-түндүр талыкпаган мээнет талап кылса, кыргыздын көбү окуудан жаа бою качмак.



Эсенбай НУРУШЕВ

**БИР СӨЗДҮН ТАРЫХЫ: КӨКӨ ТЕҢИР**

8-БЕТ



Маматали МУРЗАЕВ

**ТӨКМӨЛӨРДҮН ОЙЛОМ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

5-11-БЕТ



Каныкей ИСАКОВА

**ЭНЕ ТИЛ КӨЙГӨЙҮ**

12-БЕТ

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

# «Жогорку окуу жайларындагы мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселелери» форуму





18-январда Ош мамлекеттик университетинде «Жогорку окуу жайларындагы мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселелери» аттуу мамлекеттик тил проректорлорунун III форуму болду. Аталган форумду Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев ачты. Ош мамлекеттик университетинин ректору Кудайберди Кожобеков куттуктоо сөзүн сүйлөп, төрага Каныбек Осмоналиевге Ош мамлекеттик университетинин "Ардактуу профессору" наамын ыйгарды.

Форумга КР Президентинин Администрациясынын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын саясатты иштеп чыгуу реформаларга мониторинг жана талдоо бөлүмүнүн эксперти Кыял Жанузакова, Ош шаарынын мэринин орун басары Нурбек Кадыров, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана Президенттин Аппаратынын жетекчилигинин секретариатынын спичрайтери Тамара Абылкасымова жана жогорку окуу жайлардын мамлекеттик тил боюнча проректорлору, кафедра башчылары, ЖМК өкүлдөрү ж.б. катышты.

Батма Топоева-Ставинская, Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин директору, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын аткарылышы боюнча. Садыкбек кызы Жайнагүл – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору, ф.и. кандидаты, доцент, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын аткарылышы боюнча, Асылкан Маматова – Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин улук окутуучусу. "Көп тилдүү билим берүүдө мамлекеттик тилдин ролу", Жыргал Сыдыков – И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин мамлекеттик тил боюнча проректору, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын аткарылышы боюнча, Зарина Абдышова – Ош мамлекеттик университетинин индустриалдык – педагогикалык колледжинин улук окутуучусу. "Студенттердин сабаттуулугун жогорулатуудагы айрым ыкмалар", Азамат Сатиев – К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил боюнча проректору. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын аткарылышы боюнча жана комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев "Жогорку окуу жайлардагы иш кагаздарынын абалы" жана "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы боюнча маалымат (Инфодокс боюнча) темасында доклад окуду.

Жогорку окуу жайында мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселелерине арналган Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда аткарылып жаткан иштердин жыйынтыктары, келечектүү пландары, көйгөйлөрү, жаратман иштери, тилдик деңгээлдер боюнча окутуунун максаттуулугу жөнүндө проректорлордун сунуштары, суроолору, көргөзмөлүү иштери боюнча суроо-жооп, талкууга жалпы окуу жайлардын проректорлору катышты.

Соңунда жыйын кайрылуу кабыл алуу менен жыйынтыкталды.



# Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинде жыйын







16-январда Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинде жыйын болуп өттү.

Жыйынга Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев, Бишкек шаарынын мэринин орун басары Максатбек Сазыкулов, Транспорт департаментинин жетекчилиги жана жүргүнчүлөрдү ташуучу муниципалдык ишканалардын жетекчи, бригадирлери катышты.

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 17-июлундагы №140 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" конституциялык Мыйзамын ишке ашыруу максатында кыргыз тилиндеги анимациялык фильмдерди шаардык каттамдардын (автобус, троллейбус) мониторлорунда жүгүртмөгө коюу маселеси талкууланды.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Осмоналиев Каныбек Осмоналиевич улуттук комиссия тарабынан тартылган "Козулар", "Сыйкырдуу калем" анимациялык фильмдерди презентация кылып, коомдук транспорттордун мониторлорунда жүгүртмө коюу маселесин сунуштады.

Өз кезегинде, Бишкек шаарынын мэринин орун басары Максатбек Сазыкулов Бишкек шаарынын мэриясы бул демилгени колдоого даяр экендигин баса белгилеп айтты.

Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана
тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын
алдындагы "Кыргыз энциклопедия жана
терминология" борборунун жамааты
жетектөөчү илимий редактор
**Үркүнбаева Лера Ташматованын**
бир тууган агасы **Искендердин**
каза болгондугуна байланыштуу терең
кайгыруу менен көңүл айтып,
аза кайгысын тең бөлүшөт.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№1 (299)
30 01 2024
kyrgyztili@mail.ru

# ТӨРТ КӨЧӨДӨГҮ КӨРКТҮ БУЗГАН ТАКТАЛАР

КР Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетовго

КР Президентинин Иш башкармасынын башчысы К.Туманбаевге

КР Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш, турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине

Бишкек шаарынын мэрине жана жергиликтүү бийлик жетекчилерине

*Бишкек шаарындагы жана аймактардагы айланма (круговой) жолдордо орнотулган жарнама такталардын турушу, биринчиден, шаар же айыл көркүнө коошпойт, экинчиден, дегеле бир архитектуралык эстетикага туура келбейт. Ошондой эле шаарыбыздын, жерибиздин көркүн бузуп жатканы жөнүндө кеп кылбасак да, акча табуу максатында жасалып орнотулгандыгы көрүнүп эле турат.*














Борбор калаабызда жана аймактардагы айланма жолдордо орнотулган улуттук баалуулуктарды даңазалаган же кыргыз элине албан кызмат кылып өткөн инсандарыбыздын айкелдери саналуу.

1-сүрөттө көрсөтүлгөн Кемин районундагы айланма жолдогу жарнама тактанын ордуна, ага жакын эле жерде тоонун башына орнотулган, өткөн-кеткен кишиге анча байкалбаган Жантай хандын айкелин 2-сүрөттөгүдөй кылып жолдун тоомуна орнотсок жакшы болмок. Чоң жолдон алыс орнотул- са да жакшы эмгек, мыкты чыгарма жаралыптыр. 1-сүрөттөгү жарнама тактанын ордуна сөзсүз жергилик- түү аттуу-баштуу азаматтар менен кеңешип, ошол өрөөнгө зор эмгек кылып кеткен эр-азаматтардын айкелин же улуттук колориттеги композиция орнотулушу керек.

3-сүрөттөгү Ахунбаев - 7-апрель (мурунку Алматы) көчөлөрүнүн кесилишиндеги айланма жолдогу жарнама тактанын ордуна кыргыздын сыймыгы, жүзү болгон Сүймөнкул Чокморовдун айкели милдеттүү түрдө орнотулушу зарыл! “Кыргыз өңү – Чокморовдун өңүндөй” деп, бекер айтылган эмес. Ал СССРдин Бүткүл Союздук кино-фестивалдарында “Эркектин ролун мыкты аткаргандыгы үчүн” байгесин төрт жолу жеңип алган жападан-жалгыз кино актёр. Кыргыз элинин чыныгы Жылдызы, Уулу, Жигити кандай наам болбосун ошонун баарына татыктуу эл уулу эле. Бүгүнкү күнү залкар агабыздын татыктуу айкелинин жоктугу өкүнүчтүү. “Ала-Тоо” кинотеатрынын жанына Сүймөнкул агабызга кыпындай окшоштугу жок, маданиятыбызга шек келтиргендей европа стилиндеги бирдемени орнотушкан, коомчулукка жакпай калгандыктан алып салынышы тез болду.

Элибизде “Өткөндөр даңкталмайын, тирүүлөр баркталбайт” деген кеп бар эмеспи. Айтылган жерге 4-сүрөттөгү Сүймөнкул агабыз “Сүлүк караны” минип турган айкелинин орнотулушуна эч ким деле каршы болбосо керек деген ойдобуз. Бул ишти жергиликтүү бийлик, архитекторлор, Чоң-Таш айылынын аксакалдары, азаматтары, депутаттар жана маданият адистери кеңешип, аз убакыттын ичинде бүтүрүүнү тездетишибиз керек.

№4 шаардык ооруkананын жанындагы 5-сүрөттөгү жарнама тактанын ордуна 6-сүрөттөгү Франциянын Ментон шаарындагы (1848-1886) “Кыргыз бүркүт менен” айкелинин көчүрмөсүн орнотууга неге болбосун? Бул айкелдин көчүрмөсүн Ош шаарынын бор- бордук аянтындагы В.И.Лениндин эстелигинин ордуна орнотууну интернет аркылуу бир мырза сунуштап жатканын окуп калдык эле.

Ахунбаев - Кырк кыз көчөлөрүндөгү айланма жолдогу тактанын ордуна аттын пири Камбар-Ата- нын айкели коюлса.

Айтылып жаткан сунуштарды ишке ашырууда жогорку окуу жайлардын дизайн жана айкелчилер факультеттеринин акыркы курсунда окуп жаткан студенттер, Сүрөтчүлөр Академиясы, Сүрөт кесиптик окуу жайы, Сүрөтчүлөр союзу, Архитекторлор союзу айкелчилер арасында сынак жарыялап, аз убакыттын ичинде сапаттуу, атына заты жарашкан, жактырылган айкелдерди жасап орнотуу керек.

Аймактардагы айланма жолдордо орнотулган ич жылытаар конструкциялар жана айкелдер деп төмөнкүлөрдү мисал кылып атасак болот: Балыкчы шаарындагы (7-сүрөт), Ош шаарындагы аэропорт жолундагы Манастын айкели (8-сүрөт), Токмок шаары (9-сүрөт), Сузак - Ош жолу (10-сүрөт).

Улуттук баалуулуктарды даңазалаган, таалим-тарбия багытындагы эстеликтерди орнотуу – бүгүнкү күндүн талабы.

**Бактыбек АЙТИЕВ,**
**Улуттук комиссиянын адиси**












№1
(299)
30
01
2024
kyrgyztili@mail.ru

# СӨЗ жөнүндө сөз



**Аскарбек БЕКБОЕВ,**
**профессор**

Адам табышмак. Мен ушул табышмактын жандырмагын өмүр бою издеп келем. Анткени мен адам болгум келет, дейт адам жандүйнөсүн ийне-жибине чейин иликтегенге дааган даанышман ойчул-жазуучу Достоевский. Ушул учкай белгиленген акедил сөз кандай ойду каңкуулайт. Бир караганда эң жөнөкөй сөз бүркүмү. Бирок маңыз-мааниси өтө татаал - Ой. Алигиче толук аңдала элек - Ой… Адам “Адам” деген ыйык айтымга ээ болуш үчүн, ал ири алды менен өзүн-өзү таанып билгени кажет… Адам өзүндөгү өзүн туюнткан табышмактын жандырмагын өмүр бою издөө аркылуу гана АДАМ боло алат, деп каңкуулайт кеменгер ойчул. Адам аңсезими менен адам. Бирок, ысмы тарыхта калган ойчулдар, бирин-бири төгүндөп, жөнсалды эмес негиздүү төгүндөп, бир пикирге келе албай келишет. Ойчулдардын бирдаары адам аңсезими акыл-эске негизделген рационалдуу кубулуш десе (Гегель, Маркс), бирдаары, тескерисинче, аң сезим туюм дүйнөсүнүн чындыгы, иррационалдуу кубулуш дешет. (Шопенгауэр, Ницше).

Адамды адам кылган – СӨЗ. Эң биринчи сөз болгон. Адам - сөзү менен адам. Билгенибиздин баардыгы сөздө камтылган, сөз аркылуу туюндурулган. Байыркы чыгыш ойчулдары, гректер таамай белгилегендей сөз улук, баардыгы сөздөн башталат. Эмне үчүн сөздөн башталат, анткени биринчиден, адам өзүнүн адам экендигин сөз аркылуу аңдайт, экинчиден, сөз эң байыркы синерго – башаламандыктын (хаос) алгачкы тартиптешүүсүн туюндурган кубулуш. Ушундан улам диний идеологемаларда сөздүн кудай менен теңата чечмелениши кокустук эмес. Сөздү ыйык туткан бул пикир тиричилик менен киндиктеш жөндүү, негиздүү пикир, турмуштук акылмандыктан улам жаралган пикир. Сөздүн кыска таржымалы, экспликациясы: турмуштук кубулуш-окуяларды жалпылоонун негизинде сөз жаралды, сөз түшүнүккө, түшүнүк – логоско, логос категорияга, категория мыйзам ченемдүүлүккө айланды.

Нерселерди, аларга тиешелүү касиеттерди жалпылоонун натыйжасында “СӨЗ”, сөздөрдү жалпылоонун натыйжасында түшүнүктөр, түшүнүктөрдү жалпылоонун натыйжасында “Категориялар”, категорияларды жалпылоонун натыйжасында “Мыйзам ченемдүүлүктөр”, мыйзам ченемдүүлүктөрдү жалпылоонун натыйжасында универсалдуу мыйзам ченемдүүлүктөр, универсалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрдү жалпылоонун натыйжасында илгерилеп-кетенчиктеп философия калыптанды.

Ар бир сөз “Философиялык дүрмөткө” ээ, анткени сөздүн тыбыштык импликациясын, мазмундук дараметин жалпылоо түзөт. Философиянын концептуалдык башталмасы да жалпылоо менен байланыштуу. Сөз акылдын, адамды адам кылып турган аңсезимдин “Көзү”, көзү гана эмес күзгүсү. Адам сөз (тил) аркылуу дүйнө түзүлүштү, өзүн-өзү аңдап-тааныйт, адамдын билгени – сөзүндө (тилинде), адамдын ким экендиги сөзү аркылуу таанылат. Адам болуу, адамдын өзүн адам катары аңдоосу сөздөн башталат, сөздүн улуулугу ушунда. Тарых тастыктап тургандай турмуштук зарылдыктан улам адам сөздү жаратса, сөз адамды, адамдын аң-сезимин өрчүттү. Сөзсүз адамды, адамсыз сөздү элестетүү мүмкүн эмес. “Сөз”, “Улут”, “Нарктуулук” түшүнүктөрүнүн бири-бирин толуктап, биринен бирине өтүп турган ажырагыс бримдиги улуттук идентүүлүктүн пайдубалын түзөт.

Көпчүлүк илимий, айрыкча илимий-популярдуу эмгектерде, СӨЗ (лексема) дээрлик коммуникациялык кубулуш, комуникациялык каражат катары интерпретацияланат, түшүндүрмөлөнөт. Бирок ал каражат эле эмес, өтө татаал жандуу кубулуш, аң-сезимдин фундаменталдуу постулатын түзөт. Ал аң-сезимден сыртта турган нерсе-кубулуштардын ширөөсүнөн, таасиринен жаралып, аңсезимдин “Ичинде” калыптанып, сөз түрүндөгү өзүнүн формасына ээ болот да, андан аркы “Өмүрүн” аңсезимдин сыртынан улантат. Ошол эле мезгилде, ой менен сөз ажырагыс биримдикте - ойсуз сөз, сөзсүз ой жок. Сөз аркылуу ойлонобуз, оюбузду сөз менен туюндурабыз. Сөз түрүндө оюбузду туюндурганга чейин “Сөзгө чейинки сөз” интуициянын тили менен ойлонуп, ал ойдун жыйынтыгында ойлом тыянагы, тааным кудурети пайда болот. Сөз ойдун да, интуициянын да тили. Сөз логос болду, логос философемага, философема философияга айланды.

Тил – сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сөз түркүмдөрүнүн тутумдаш куруму. Сөз логикалык лексема, бирдик, жекелик болсо, тил логикалык бүтүндүк. Тил илиминин өтө татаал бөлүгү - синтаксис, формалдык, математикалык белгилүү бир деңгээлде диалектикалык логиканын тилдик (лингво-философиялык ) формасы болуп эсептелет. Тил – аң-сезимдин тикедентике чындыгы, жан дүйнөнүн, рухий түзүлүштүн философиясы. Элдин элдүүлүгү, улуттун улут экендиги – тилдин табиятында, тилдин мазмунунда, тилдин семантикалык, лексикалык байлыгында.

Кандай гана тилдик кубулуш болбосун, ал белгилүү бир канондор, логикалык каражаттар аркылуу кыйма-чийме татаал дүйнө түзүлүштү, оош-кыйыш катаал жашоо-турмушту таануунун, аңдоонун, кынаптап иликтөөнүн үзүрү болуп эсептелет. Тилдик логос менен философиялык ой толгоонун этимологиясы теги бир: метафизика менен тил субстраты жалпы эки акцидент, бир субстанция.

Ментал, менталдык, “Менс” же жалпысынан “Менталитет” түшүнүгү, кубулушу тилдик, улуттук бөтөнчүлүктү, философиянын же философеманын “Улуттук жүзүн”, улуттук акылды, улуттук аң-сезимди аныктап турат. Бекеринен соңку учурда илимпоздор тарабынан менталитет түшүнүк катары чечмеленген жок. Түшүнүк бул – концептулдык СӨЗ, концептуалдык тилдик кубулуш, сөздүн, сөз айкашынын, тилдик бирдиктин мазмундук талаасы, концепттик диапозону тереңдетилип, кеңейтилип логикалык каражатка айланган формасы.

Моралдык аң-сезим эң жогорку апеллияциялоо жана санкция берүү макамына ээ, моралдын санкциясын ала албаган жорук-жоосундардын, идеологемалардын келечеги болбойт. Качан гана моралдык аң-сезим коомдук прогресс менен үндөш болгондо инсаният үчүн жалпы ыңгайлуу шарт түзүлөт. Мындай учурда мораль өзгөчө шыктандыруучу интеграциялык кудуретке ээ болот. Моралдын чыныгы позитивдүү турпаты, кайсы бир деңгээлде, биринчиден, тигил же бул инсандын жеке өзүн-өзү туура баалашына (өзүнө-өзү адекваттуу баа беришине); экинчиден, анын өзүнө карата сынчыл мамилесине жараша болот.

Мораль, адептердин жыйындысы (имманенттүү конгломераты) коомдун туундусу экендиги аксиома, ал бир жагынан коомдук түзүлүш менен чектелип турат (ар бир коомдук түзүмдүн өз моралы бар), ал тигил же бул коомдук-тарыхый бүктөмдү чектеп да турат. Моралдын диалектикасы мына ушунда. Мораль (адеп-ахлак) тез-заматта калыптана калбайт, ал абстрактуу кубулуш эмес, ошондой эле конкреттүү-тарыхый нерсе менен да чектелбейт. Адеп-ахлак абстрактуулук менен конкреттүүлүктүн, жалпылык менен жекеликтин өз ара жалгашкан айкалышы. Адеп – моралдын, моралдык жоболордун адамдын ички, жеке “МЕНине”, моралдык абстракциялардын аң-сезимдин адептик формасына айланшы болуп эсептелет. Адеп – адамдын адамгерчилигинин критерийи. Адеп адамдын аң-сезиминдеги, жан дүйнөсүндөгү “Жакшылык” менен “Жамандыктын”, жакшы-жаман касиеттердин таразасы, абийирдин күзгүсү, адамдык милдет-жоопкерчиликтин деңгээли. Адеп жакшы болууга умтулууда эмес, жакшы деген пикирге татыктуу болууда. Адеп да СӨЗдөн туланды, СӨЗ аркылуу туюндурулду, СӨЗ менен сакталды. Сөз адептин формасына, адеп СӨЗдүн формасына айланды. Сенин жүрүш-турушуңдун мотиви башкалардын жүрүш-турушу менен карама каршы келбеш керек, башкалардын сага кандай мамиле жасашын каалasaң, сен да башкаларга ошондой мамиле жаса дейт СӨЗгө айланган.

Улут – этникалык тектүүлүк, тили (СӨЗү), менталдуу маданияты, наркы (этосу) боюнча айрымаланган, ата-журт, мекенин ыйык туткан тарыхый-этностук кубулуш. Этникалык аң-сезим, этникалык менталитет, этникалык иденттүүлүк Аристотелдин сөзү менен айтканда улуттук этос, пафос, логостун ажырагыс биримдиги. Логос да СӨЗ тутуму. Этникалык иденттүүлүктүн улуттук иденттүүлүккө айланышы улуттук идеянын түптөлүшү, калыптанышы менен байланыштуу. Улттук идея калыптанбаса, анын табиятындагы генетикалык сегмент - этникалык (уруулук) иденттүүлүк сакталып кала берет, алтургай басымдуу мүнөзгө ээ болот. “Улут болуп өсөбүзбү, же уруу боюнча жүрө беребизби” деген коомчулукка кеңири таркаган жарандык пикирдин тамыры ушул жагдай менен түшүндүрүлөт.

Иденттүүлүк – жалпылыктын, социомаданий жалпылыктын конкреттүүлүгү, конкреттүү көрүнүшү, жекеликтин жалпылыгы, жалпылыктын жекелиги, жекеликтин жалпылыкка айланышы, жалпылыктын жекелик аркылуу көрүнүшү. Жекеликтин жалпылыкка таандыгы. Адамдын улуттка таандык экендигин аңдай билиши, улуттук дөөлөттөрдү жеке өзүнүн психологиялык касиетине айландырышы улуттук иденттүүлүк болуп эсептелет. Ал улуттук “Мен” менен жеке адамдык “Мендин” , “Мен”, “Меники” деген түшүнүктөр менен “Биз”, “Биздики” деген түшүнүктөрдүн табигый айкалышы. Адамдын өздүгүн аныктаган касиеттер менен улуттук дөөлөттөрдүн, улуттук кызыкчылыктардын айкалышы.

“Иденттүүлүк” түшүнүгүнүн апробцияланышы адатта Э.Эриксон менен байланыштырылат. Ал иденттүүлүктү жеке инсан менен тарыхый инсандын жалпылыгын туюу сезими катары түшүндүргөн. Иденттүлүк адамдын, индивиддердин өзүнүн улутуна (мекенине, мамлекетине) карата эмоцианалдык ички сезимин, мамилесин, реакциясын чагылдыган, туюндурган социалдык-маданий норма. Иденттүүлүк да СӨЗ аркылуу жүзөгө ашат.

Улуттук иденттүлүктүн тарыхый төрт формасы бар: биринчиси, алгачкы байыркы формасы – үй-бүлө, кандын тектештиги боюнча аныкталган горизаниталдык форма; экинчиси, генетикалык (жаралыш теги, келип чыгышы боюнча) маанидеги вертикалдык форма, үчүнчүсү, территориянын жалпылыгы боюнча аныкталган форма, ошондой эле төртүнчүсү тили жана маданияты боюнча калыптанган форма. Ушул белгиленген консолидациялык мүнөзгө ээ формалардын (иденттик факторлордун) биримдиги улуттук иденттүүлүктүн маңызын түзөт.

Калыстык иретинде белгилей кетүүчү нерсе, илимпоздордун арасында коомдун илгерилеп өнүгүшү менен улуттук идентүүлүк, мамлекеттүүлүк бара-бара жок болот, анын ордун цивилизациялык иденттүүлүк ээлейт деген космополиттик мүнөздөгү пикир да бар. Илим деген илим, илим айдыңды бири-бирин төгүндөгөн, же гипотеза иретиндеги ой-пикирлер айтылып келген, айтыла берет.

“Менин жүрүш-турушум моралдык касиетке ээ болуш үчүн, ал менин ишенимим, көз карашым менен дал келиш керек” дейт Гегель. Улуттук иденттүүлүк моралдык касиетке ээ болуш үчүн, ал (улуттук иденттүүлүк) жана анын пайдубалын түзгөн тил, тилдин семантикалык мейкиндигине терең сиңирилген нарк туруктуу көзкараштын зарыл формасына айланышы керек. Эмне үчүн тил жана нарктуулук – улуттук идентүүлүктүн негизи, анткени улуттук тил жана улуттук нарк улуттук иденттүүлүктүн маңызын, табиятын аныктап турган постулат. Улуттук тилсиз (СӨЗсүз) жана улуттук нарксыз улуттук иденттүүлүктү элестетүү мүмкүн эмес. Улуттук тил жана улуттук нарк бар үчүн улуттук иденттүүлүк бар. Улуттук иденттүүлүк өзүн-өзү улут катары аңдаган аң-сезим. Улуттук иденттүүлүк улуттук тил аркылуу аңдалган, тил аркылуу чагылдырылган улуттук нарк. Улуттук тил менен улуттук нарктын диалогу улуттук иденттүүлүктү түзөт. Хайдеггердин терминологиясын пайдаланып образдуу мүнөздөгөндө улуттук тил (СӨЗ, сөздөрдүн тутуму) улуттук нарк мене улуттук инденттүүлүк түн “Үйү”, анткени нарк да, иденттүүлүк да тил аркылуу экзистенциаланат, жашайт.

Адамдык парасатты сактоонун сыналган жолу – акыл түйгөндү, туура ойлонгонду, этикалык ченемди адекваттуу колдоно билүү. Мейкиндик менен мезгилдин айкалышын эс-акыл, ой менен кылдат туя алган адам гана адамдыгын сактоого жөндөмдүү келет. Андай адам коомдун күрөө тамырын да таамай аныктай алат. Нарктуулуктун түйүнү да эс-акыл менен тепшилген ой жүгүртүүдө. Ой - акылдын чындыгы, акыл – ойдун өзөгү. Өзөгүңө карап иш кыл. Өзөгүн карап тааны. Өзөк – акылда. Нарктуулуктун түйүнү – өзөктө. Өзөк – бул иденттүүлүк. Өзөк да СӨЗ аркылуу калыптанат.

Сөздө сырткы дүйнөнүн да, аң-сезимдин да “Изи” бар. Аңсезимге таасир берген кубулуштар, нерселер, окуялардын табияты сөздүн мазмунун түзөт. Сөздөрдүн тутуму бар. Сөздөрдүн тутуму – логика (ойду туюндурган сөздөрдүн тутуму). Сөз аркылуу ойлонобуз, оюбузду сөз менен туюндурабыз. Сөз түрүндө оюбузду туюндурганга чейин “Сөзгө чейинки сөз” менен ойлонуп, ал ойдун жыйынтыгында пайда болгон ойлом тыянагын сөз аркылуу туюндурабыз. Ой менен сөз ажырагыс биримдикте. Ойсуз сөз, сөзсүз ой жок.

№1
(299)

30
01
2024

kyrgyztili@mail.ru

# Төкмөлөрдүн ойлом жана чыгармачылык өзгөчөлүктөрү



**Маматали МУРЗАЕВ,**
**психология илимдеринин кандидаты, доцент**

***Төкмө** - алдын ала даярданбай туруп эле жаратылыштын ар кандай көрүнүштөрү, адам, болуп жаткан окуя же өзүнүн ички сезимдери ж.б. жөнүндө оозеки ырдап элге эстетикалык ырахат тартуулай алган өнөр ээси.*

Кыргыз элинде төгүп ырдагандар ого эле көп болгондуктан, төкмөлөр жамакчылар жана акындар болуп экиге бөлүнөт.

Жамакчылар уйкаштыкка басым жасап ыр кураса, акындар ар бир сөзү маанилүү болуп, ырында өз ой-пикирин, көз карашын айткандыгы менен өзгөчөлөнөт. Ырда ойдун, пикирдин айтылышы акындыктын белгиси болуп саналат.

Төкмө акындар кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жаратуучулар, улуттук маданиятты алып жүрүүчүлөр, сактоочулар жана кийинки муундарга жеткирүүчүлөр катары кыргыз элинин маданиятын бүгүнкү күнгө жеткирип олтурат. Алар элдик улуу тарбиячылар. Анткени коомдогу ар бир окуяны көзгө сая көргөзүп жакшы сапаттарды даңазалап, жаман сапаттарды сынга алып, элди ойлондурган, өнүгүүгө багыттаган философтор, педагогдор ж.б. Алар ойлом өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул сөзүбүзгө далил катары кыргыз элинде адамдын коомдо жашоосунун мааниси канчалык экендиги жөнүндө Арстанбек акындын айтканын келтирели:

“Эл менен сен бийиксиң,
Эл жок болсо кийиксиң” - деген ыр саптарда адам табиятын өтө терең мазмунда ачып берүү аркылуу акындын ойлом өзгөчөлүгүн, дүйнө таанымынын кең жана бийик экендигин чагылдырып, кыргыз элинин адам таануусунун өзгөчөлүгүн чагылдырып, адамдын адам болуусу жамаатта жашоо менен ишке ашары белгиленет.

Төкмөлүк өнөр ырчыдан белгилүү психологиялык өзгөчөлүктөргө ээ болууну талап кылат. Ошондой психологиялык өзгөчөлүктөргө ээ болуу гана аны төкмө болушун шарттап турат.Биз төкмөнүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн, айрыкча анын ойлом жана чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракеттенебиз.

Төкмө акындардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн ачыктоо үчүн, анын ишмердигинин өзгөчөлүктөрүн психологиялык жактан талдоого алышыбыз зарыл. Ошондой эле жалпы эле алардын таануу процесстерине, эмоция-сезимдерине, эрк сапаттарынын жана мүнөзүнүн, жөндөмдүүлүгүнүн психологиясындагы өзгөчөлүктөрүнө токтолобуз.

**Таануу процестери:** көңүл буруу, сезүү, кабыл алуу, эс, ойлоо жана кыялдануу бири-бири менен тыгыз байланышта ишке ашат жана ар бир адамда өзгөчөлүктөргө ээ. Бул төкмөлүк өнөрдө ачык көрүнөт. Алсак, төкмөлөр сезип-туюусу күчтүү болгондон, өтө баамчыл жана байкагыч келип, парасаттуу болушкандыктан, турмуштагы майда деталдарды да байкап, аны ырга кошуп жаңы ой айта алат.

Эми төкмөлөрдүн таануу процесстеринин өзгөчөлүктөрүнө токтололу.

КӨҢҮЛ БУРУУ (вниманиедыккат) – психикалык ишмердүүлүктүн белгилүү бир обьектиге гана багытталышы жана топтолушу.

Төкмөлөрдүн көңүл буруусу бир нерсеге өтө күчтүү топтолушу жана багытталышы менен айырмаланат. Ошондой эле көңүл буруусу туруктуулугу, тез алмашуучулугу менен айырмаланат.

Биздин пикирибизче, төкмөлөрдүн көңүл буруусу бүт дилин, жан дүйнөсү өтө берилүү менен атаандашынын сөзүнө өтө күчтүү дыккат коюу менен көңүл буруусунун топтолушунун жана багытталышынын натыйжасында ишке ашат. Ошондон атаандаштын айткандарынын ар бир сөзү көңүлдөн сырт калбайт. Төкмө акындардын көңүл буруусунун ушундай өзгөчөлүгү жөн адамдар көрбөгөндү көрүүгө, укпаганын угууга, сезбегенин сезүүгө мүмкүндүк берип, өтө сезгич, баамчыл болушун шарттайт.

СЕЗҮҮ (ощущение) - сырткы дүйнөнүн предметтеринин, кубулуштарынын жана организмдин айрым касиеттеринин баш мээде чагылышы. М: жылуулукту, нурду сезүү ж.б.

Төкмөлөрдүн **сезип-туюусу** жана **кабыл алуусу** жөн адамдардан сезип-туюусунан жана кабыл алуусунан айырмаланат. Алар сезип-туюусу жана кабыл алуусу боюнча өтө сезгич келип, баамчыл болуп, кабыл алуусу өзгөчөлүктөргө ээ болгондон эл сезбегенди сезет, эл кабыл аола албаганды кабыл алат. Айрыкча төкмөлөрдүн кабыл алуусу өзгөчөлүккө ээ болуп, баамчылдыгы, тереңдиги жана ойлонулган болушу менен өз өзгөчөлөнөт. Ошондой эле төкмөлөр бүт жан дили менен атаандашынын сөзүнө көңүл буруп, аны үзүк-үзүк эмес, өзүндөгү жаралып жаткан ойлор менен ж.б. менен жалып эле бүт аалам биримдигинде кабыл алат. Мына ошондон акындар эл көрбөгөндү көрөт, эл байкабаганды байкайт жана аларды ырга кошуп, элди ар тараптан өстүрөт ж.б.у.с.

Төкмө кабыл алып жатып ойлонот жана акыл калчап, анан гана аны эстеп калат. Мына ошондон төкмөлөр айтышып жаткан акындын ар бир сөзүн толук эстеп калат жана аларды унутпай ага жооп берет.

Биздин пикирибизче, төкмөлөрдүн кабыл алуусу эки психологиялык өзгөчөлүккө ээ.

1.Төкмө акындардын кабыл алуусунун биринчи психологиялык өзгөчөлүгү эмпатия менен байланыштуу болуп, аларда эмпатия жана эмпатиялык кабыл алуунун өтө күчтүү өнүккөндүгү болуп саналат.

Төкмөнүн эмпатиясы жана эмпатиялык кабыл алуу дегенде бүт акыл-эсин, көңүлүн (жүрөгүн), эмоция-сезимдерин айтышып жаткана акындын сөзүнө буруп, аны толук, так, бүт бойдон (эч бир элементин көз жаздымында калтырбай) кабылдоосун, аны түшүнүүсүн, ага жооп берүүсүн түшүнөбүз. Ушул эмпатиялык кабыл алуу өзгөчөлүгү, анын төкмө болушун шарттап турат.

Төкмө акындарда эмпатиялуу кабыл алуу өтө күчтүү өнүккөндөн бири-биринин жан дүйнөсүн айтыш убагында да айттырбай түшүнө алат.

2.Эми төкмөлөрдүн кабыл алуусунун экинчи психологиялык өзгөчөлүгү катары, алардын жүрөгү менен дүйнөнү кабыл алуусуна токтоло кетели. Анткени төкмө акындар жөн кишилерден дүйнөнү сезүү органдары (кулак, көз ж.б.) менен гана кабыл албатан, угуп, көрүп жаткандарды жүрөгүнөн өткөрүп, жүрөгү менен кабыл алгандыгы менен айырмаланышат.

Эс инсанды жаратат, эс бузулса, адам башка адамга айланат. Эс процесстери: эске (тутуу) калтыруу, эсте сактоо, эске түшүрүү жана унутуу. Эс түрлөргө жана типтерге ажырайт.

Төкмөлөрдүн эси өз өзгөчөлүктөрүнө ээ. Конкреттүү түрдө төкмөлөрдүн эсте сактоосун - эсте калтырылган маалыматтын, нерсенин образынын, касиетинин белгилүү убакытка чейин унутулбай баш мээде сакталышынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылууда, төкмөлөр айтышып жаткан акындын ар бир сөзүн, кыймылын эсте сактап калып ага жооп берүүсү кандайча ишке ашат? деген суроого жооп берүүбүз керек.

Биздин пикирибизче, төкмөлөрдүн эси таасир этип жаткан бүт нерселердин баарын ксерокопиялаганда элестүү сүрөткө тартып эстеп калуусу. Мындай эске тутуу эки өзгөчөлүк менен шартталат.

Биринчи кезекте көңүл буруусунун бир нерсеге өтө күчтүү топтолушу жана туруктуулугунун жогорулугу, ага таасир эткен маалыматтарды кабыл алууга жана эстеп калууга мүмкүндүк берет. Экинчи кезекте төкмөлөр табиятынан куйма кулак болушуп, эсте сактоонун өзгөчө түрү болгон эйдетикалык эске ээ болушат. Төкмөлөрдүн эйдетикалык эси жөнүндө сөз кылганда кыргыз элиндеги куйма кулак деген түшүнүктү көңүлгө тутуубуз керек.

Эми эйдетикалык эсти кененирээк чечмелей кетели.

Эйдетикалык эс – адамдын көргөндү көргөндөй, укканды уккандай эч нерсесин калтырбай эстеп калуу жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Мындай эске ээ болгон киши көзүнө көрүнгөн нерсени эч бир элементин унутпай, аны сүрөткө тартып алгандай (ксереокопиялап алгандай) аң сезиминде (баш мээсинде) эстеп кала алат. М: З.Үсөнбаев филармонияга ишке келген (1968-жылы, 18 жашында) биринчи күндөн тартып бүгүнкү күнгө чейинки акындардын арасындагы ырдалган ырларды, залкарлардын айтышын жана айтыштын жүрүшүн, залкарлардын айткан керемет сөздөрүн, айтып берген окуяларын, алар менен чогуу жүргөндөгү болгон окуяларды төкпөй-чачпай өтө элестүү кылып бизге концерттерде, телеберүүлөрдө ж.б. баяндап берип жүрөт.

**Төкмөнүн ойлоосу**

Төкмөнүн ойлоосунун өзгөчөлүгү жогоруда айтылган таануу процесстердин: көңүл буруунун, сезип-туюунун, кабыл алуунун, эстин төкмөлөрдө өзгөчөлүктөргө ээ болушу менен шартталат.

Төкмөнүн ойлоосунда өзгөчөлүктөрдүн жаралышынын башкы себеби, төкмө сөздү угуп, кабыл алып жаткан учурда эле алар жөнүндө ойлонуп (салыштырып, талдап ж.б.), ал жөнүндө акыл калчап, ошону менен бирге айтылып жаткан темага карата өз ой-пикирин даярдап, өз көз карашын билдирет. Алсак, төкмө кабыл алып жатып эле эмне деп жооп берүүнү ойлонот, жооп даярдап барат, өзүнүн жообун эстеп калып, ошону ырлайт.

Төкмө акындардын ойлоосундагы эң негизги өзгөчөлүк болуп, дүйнөнү жүрөгү менен кабыл алып, айтылган сөздөрдү, ойлорду эмоция-сезимдеринин жуурулушунда эстеп калып, эйдетикалык эс тутумга жакын болгон төкмөлүк эсти пайдалангандыгы саналат. Айта кетчү сөз, кийинки беттерде төкмө акындардын ойлоосунун өзгөчөлүгү жөнүндө дагы сөз козгоп, анда дүйнөнү жүрөк аркылуу кабыл алууга кененирээк токтолобуз.

Адамдын ойлому айлана-чөйрсүндөгү нерселердин жана кубулуштардын касиеттерин чагылдыруу менен бирге эле алардын бири-бири менен болгон ачык же жабык (көзгө көрүнбөгөн, жашыруун) байланыштарын, карым-катышын, мамилесин жалпылаштырып, кыйыр түрдө чагылдырарын билдирет.

ЭЛЕСТЕТҮҮ, кыялдануу (воображение) . Адам элестетүү, кыялдануу аркылуу келечек турмушту чагылдырат. Элестетүү адам жасай турган иштин жыйынтыгында эмнеге жетишээрин алдын-ала кыялында образ түрүндө жаратууга мүмкүндүк берет.

Адам кандайдыр бир маселени чечүүсү зарыл болуп калса, ал маселени чечүү үчүн адамда маалыматтар, билим, машыгуу ж.б. жетишсиз болгондо, адам элестетүү аркылуу алдында турган маселени чечип, дуушар болгон кырдаалдан чыгат. Ал үчүн “Канткенде көздөгөн натыйжаларга жетишем?” деген максатта кыялында ишти ар түрдүү варианттарда жасап көрүп эң жакшы вариантты тандап алып гана, реалдуу шартта ишти аткарууга киришет.

Элестетүүнүн эки түрү бар.

1.Кайра жаратуучу (репродуктивдүү воображение) элестетүү, кыялдануу.

2. Чыгармачыл элестетүү, кыялдануу.

Элестетүү процесси аркылуу чыгармачыл инсандар жаны нерселерди, образдарды жаратышат. М: көркөм чыгармадагы Жамила, Данияр ж.б. образы. Ошондой эле элестетүү (кыялдануу) аркылуу адам уккан, окуган нерселердин образын элестете алат.

Биздин пикирибизче, төкмөлөрдүн элестетүүсү (кыялдануусу) өзгөчө. Ал төкмөлөрдө өтө кеңири, көлөмдүү болот. Жалпы эле төкмөнүн кабыл алуусу, ойлоосу элестетүүнүн катышуусу менен гана өтөт. Ошондон ал жараткан ой-пикир, образ элестүү так жана таасирдүү болот.

**Ойломдун бир түрү – чыгармачылык ойлом.**

Илимде, анын ичинде психология илиминде, чыгармачылык ойлом жана чыгармачылык бирдей түшүнүлүп калат же айырмаланып каралат.

Чыгармачылык жалпы илимий категория болсо, чыгармачылык ойлом психологиялык түшүнүк болуп саналат.

Токтогулдун 150 жылдык маарекесинде чоң талант Элмирбек Иманалиевдин казак акыны Балгынбек Имаш менен айтышынан үзүндү келтирели.

Жалпысынан айтышты Балгынбек Имаш баштап, салт боюнча Эл менен, Элмирбек менен саламдашып, айтыш темасы Токтогулга токтолуп, анын Жамбыл менен чыгармачылык байланышына токтолуу аркылуу кыргыз-казак мамилесинин тарыхы жана достугу, анын салтын жана бүгүнкү күндөгү мамиле өзгөчөлүктөрүн, азыркы келген максатын жана Элмирбекке мамилесин ж.б. жөнүндө ырдап бүткөндөн кийин, кезек Элмирбекке келет.

Айтыштан үзүндүлөр келтирели.

**Элмирбек:**

Эмкилер жолун жолдосо,
Эртегилердин адатын.
Казагым көздүн карасы,
Кайкысам чалгым канатым
Мен тоо болсом,
Сен талаа.
Мен бишкек болсом,
Сен сааба.
Мен тегирмен,
Сен пара” - деген саптарда турмуш-тиричиликте бири-бири менен ажырагыс байланышта болгон нерселерге салыштырып, казак-кыргыз элдеринин көп кылымдар бою ажырагыс байланышта экендигин, өз ара туугандык карым-катыштын жакындыгын таасын чагылдырган.

Мен табакмын
Сен чара.
Ой, Мен ата болсом,
Сен бала.
Мен ат болсом,
Сен чана- деген ажырагыс мамиледеги буюмдардын биримдигин чагылдырган саптар менен казак-кыргыз элдеринин ажырагыс байланышта экендигин, туугандык карым-катыштын өтө жакындыгын, ажырагыстыгын таасын чагылдырган жана алардын ынтымакчылыгын бекемдөө ниетин баса белгилеген.

*(Уландысы 11-бетте)*

№1
(299)

30
01
2024

kyrgyztili@mail.ru

# КЫРГЫЗЧА МЫЙЗАМДАРГА ЛИНГВИСТИКАЛЫК ЭКСПЕРТИЗА ЖҮРГҮЗҮҮ



**Муктар ДАВЛЕТОВ,**
**Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Мамлекеттик тил жана социолингвистика бөлүмүнүн улук илимий кызматкери**

Эгемендүү, өз алдынча мамлекет катары бүгүнкү Кыргызстандын, желеги, герби жана гимни менен катар, дагы бир маанилүү белгиси бар. Бул – анын мамлекеттик тили. Кыргыз тили ушул өзгөчө макамын алганына мына кырк жылдын жүзү да болуп калды. Биз билгендей, мамлекеттик тил жөн гана өлкөдө жашаган ар кандай улуттардын өз ара баарлашуусун тейлеген орток тил эмес. Анын коомдо аткарган, так аныкталган милдеттери бар.

Мамлекеттик тил өкүм сүргөн негизги чөйрөлөрдүн катарына төмөнкүлөр кирет: 1) өлкөдөгү улуттар аралык ынтымак менен баарлашуу, 2) өлкөдөгү мыйзам чыгаруу, идеология жана адеп-ахлак, 3) өлкөдөгү илим жана 4) өлкөдөгү билим берүү.

Көрүп турганыбыздай, толук кандуу мамлекеттик тил болушу үчүн улуттук тил мыйзам чыгаруу чөйрөсүн тейлөөгө тийиш. Бул милдет тилибизге 1990-жылы гана жүктөлдү десек, чоң жаңылыштык болот, анткени совет мезгилинде да бардык мыйзамдардын кыргызча тексттери массалык маалымат каражаттарынын беттерине такай жарыяланып турган. Ырас, ал кезде мыйзамдардын бардыгы орусча жазылып, андан кийин гана башка тилдерге которулчу. Бул үчүн Советтер Союзунун Жогорку Кеңешинин секретариатында атайын котормо бөлүмү иштеген. Бирок ошондо да кыргыз тили юридикалык тил катары аздыр-көптүр өнүккөнүн, анда атайын лексика – терминдерди ылгап алуу иши жүргөнүн, кыргызча юридикалык тилдин лексикалык, стилистикалык, ал турсун грамматикалык негиздери салынганын изилдөөчү З. Дербишева белгилейт. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө да котормо кыргызча мыйзам чыгаруунун негизги жолу бойдон калууда. Ушул себептен улам котормо ишинин сапаты зор ролду ойнойт. Бул иш котормочу-адистен жогорку дасыкты, эки тилди мыкты билгендикти, алардын ики табиятын туура, терең түшүнгөндүктү талап кылат.

Мыйзам жазуу айрыкча мааниге ээ жана чоң жоопкерчиликти талап кылат. Керек болсо, мыйзамдын тили, стили үлгүлүү катары да каралышы мүмкүн. Башка юридикалык документтер жазылганда, мыйзам тексти сабаттуу жазылган текст катары эсептелип, башка тексттерде мыйзам тилинин тактыгы, кыскалыгы, түшүнүктүүлүгү үлгү катары жетекчиликке алынып, мыйзамдардан көп үзүндүлөр келтирилет. Мунун себеби мыйзам тилине өзгөчө катуу талап коюлгандыгында. Ошентип, мыйзам тилине, анда жазылган тексттерге ушунчалык катуу талап коюлса, анда мыйзам долбоорлорунун сөзсүз түрдө лингвистикалык экспертизадан өтүшү керек деген талаптын келип чыккандыгы бекер эмес.

Экспертиза дегенибиз – бул “Конкреттүү предметти иликтеп, тийиштүү чөйрөдөгү кесиптик билимдерди колдонуу менен жасалган, өз натыйжаларын жана алдына коюлган суроолордун жоопторун камтыган корутунду менен документтештирилген изилдөө”.

Мамлекет чыгарган эң маанилүү документтердин бири катары мыйзамдар ар түрдүү экспертизалардан өтүүгө тийиш. Мындай экспертизаларга биологиялык, искусство таануучулук, тарыхый, лингвистикалык, медициналык, медициналык-социалдык, косоциалдык, илимий, патенттик, укуктук, техникалык, каржылык, экономикалык, экологиялык, этнографиялык экспертизалар кирет. Калган экспертизалар шартка жараша өткөрүлүшү же өткөрүлбөй калышы мүмкүн болсо, укуктук жана тилдик экспертизалар милдеттүү түрдө өткөрүлө турган текшерүүлөр болуп саналат, себеби алар укуктук-ченемдик актынын жалпы маанисине түздөн-түз тиешелүү. Орус изилдөөчүсү М.В. Батюшкина айткандай, лингвистикалык экспертиза – изилдөөнүн атайын түрү, аны, бир жагынан, тилдик билимдерди эске алуу менен, экинчи жагынан, жалпы юридикалык жараяндын, анын ичинде укук жаратуу, укук колдонуу жана сот жараяндарынын функционалдык жана прагматикалык аспектилерин эске алуу менен жогорку дасыктуу тилчи-эксперт жүргүзөт.

Лингвистикалык экспертиза мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жараянынын аяктоочу баскычында жүргүзүлүп, ага мыйзам чыгаруу терминологиясы менен түшүнүктөр аппаратын жакшы өздөштүргөн тилчи-редакторлор тартылат. Эксперттердин алдына терминологиялык каталарды (бир эле документтин ичинде бир эле терминдин/терминдердин ар кандай мааниде же ар кандай терминдердин бирдей мааниде колдонулушун) оңдоо, кош түшүнүктөрдү жоюу, логикалык жана стилистикалык дал келбестиктерди түзөө, мыйзам стилиндеги карама-каршылыктарды, бузууларды кетирүү жана мыйзам долбоорундагы башка мүчүлүштүктөрдү оңдоо милдети коюлат.

Тилдик чен-өлчөмдөр сакталмайын, мыйзамдын логикалуулугу, айкындыгы, жеткиликтүүлүгү, карамакаршылыксыздыгы да мүмкүн болбойт. Дал ушул, катуу коюлган талаптардан улам мыйзам стилине штамптуулук да мүнөздүү. Ар кандай кайчы чечмелөөлөрдөн, түшүнбөстүктөрдөн оолак болуш үчүн укуктук-ченемдик актылардын тексттеринде бирдей, туруктуу конструкциялар, калыптанып калган лексикалык бирдиктер, терминдер колдонулат.

Эки тилдеги тексттерди салыштырып талдоонун үлгүлөрүн келтирип көрөлү.

Биринчи мисалыбыз, “Кыргыз Республикасынын жарандарынын репродуктивдик укуктары жөнүндөгү” мыйзамдан алынды. Анын 1-бабынын 1-беренесинде мындай сүйлөм бар: “Жасалма жол менен уруктандыруу - тукумсуздукту дарылоо методдору, мында бойго бүтүү жана эмбриондун алгачкы өнүгүшүнүн айрым же бардык этаптары организмден тышкары жүзөгө ашырылат”. Ушул эле сүйлөмдү ошол эле мыйзамдын орусча текстинен карап көрөлү. Ал жерде “Искусственное оплодотворения – это методы лечения бесплодия, применяемые при осуществлении отдельных или всех этапов зачатия и раннего развития эмбриона вне организма” деп жазылган. Бир караганда, эки тексттин ортосундагы бир аз эле айырма бардай көрүнөт: орусча тексттеги атоочтук түрмөктү камтыган жөнөкөй сүйлөм кыргызчасында эки сүйлөмгө бөлүнгөн. Бирок кылдат талдоо кыргызча котормодо мааниси бузулганын аныктайт. Орусча кеп тукумсуздукту дарылоонун бир эле түрү жөнүндө болуп жатат. Атоочтук түрмөк ошол түрүнүн өзгөчөлүктөрүн сыпаттайт. Кыргызча текст тукумсуздукту дарылоонун бардык эле түрүн жасалма уруктандыруу катары берет, анткени келтирилген сөз айкаштарынын бири сүйлөмдө ээ, экинчи – баяндооч болуп келүүдө. Биздин оюбузча, котормонун туурасы мындай болушу керек эле: “Жасалма жол менен уруктандыруу – тукумсуздукту дарылоонун бойго бүтүүнүн жана түйүлдүктүн алгачкы өнүгүшүнүн айрым же бардык баскычтары организмден тышкары жүзөгө ашкан ыкмалары”, же, эки сүйлөмгө бөлүп, сүйлөмдөрдүн кыскалыгы аркылуу маанисин даанараак кылып, “Жасалма жол менен уруктандыруу – тукумсуздукту дарылоонун айрым ыкмалары, аларды колдонууда бойго бүтүүнүн жана түйүлдүктүн алгачкы өнүгүшүнүн айрым же бардык баскычтары организмден тышкары жүзөгө ашырылат.”

Кыргыз тилинин, дегеле жалпы эле түркий тилдердин синтаксистик өзгөчөлүктөрүнөн улам бир өңчөй мүчөлөрдүн, атоочтук же чакчыл түрмөктөрдүн өтө узун тизмектерин камтыган узун сүйлөмдөр сейрек учурайт. Аларды өзүнчө сүйлөмдөргө бөлүү айтылган ойду алда канча айкын кылат. Бирок укуктук-ченемдик актылардын объектилери татаал болушу мүмкүн экендигине байланыштуу ошондой конструкцияларды колдонууга туура келет. Мындай шартта кыргызча юридикалык тексттерди жазууда жана башка тилден кыргыз тилине которууда узун, татаал сүйлөмдөр көп кыйынчылык туудурат. Узун сүйлөмдү же өзүндөй кылып которууга аракеттенсе болот, же аны кыска сүйлөмдөргө бөлүп салса болот. Экинчиси оңоюраак, ыңгайлуураак жол болгондой көрүнөт. Бирок биз биринчи мисалыбыздан көргөндөй, дал ушундай трансформациялардан көп катачылыктар кетет.

Аталган мыйзамдан дагы бир мисал келтирели. Ал ошол эле берененин дагы бир тарамынан алынды. Анда мындай аныктаманы окуса болот: “Репродуктивдик ден соолук – алты саны аман, акыл-эси жайында жана анын тукум улоо жөндөмдүүлүгүн аныктай турган жана бакубат турмушта жашаган адам”. Бул тексттин мааниси такыр эле түшүнүксүз: адамдын абалы адамдын өзүнө барабар болуп калган. Түшүнүш үчүн орусча текстке кайрылса болот. Орусчасы “Репродуктивное здоровье – состояние полного физического, психического здоровья и социального благополучия человека, определяющее его способность к воспроизводству потомства”. Мындагы сүйлөмдүн мааниси даана көрүнүп турат. Ушул эле кыргыз тилинде мындай бериш керек эле: “Репродуктивдик ден соолук – адамдын тукум улоого жөндөмдүү экенин аныктаган толук денелик, психикалык саламаттыгы жана социалдык аманчылыгы”.

Кыргыз котормо изилдөөчүсү Д. Кенжебаев өзүнүн “Котормонун илимий-теориялык негиздери” эмгегинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын толук талдоого алып, анын кыргызча тексти тууралуу мындай тыянак чыгарган: 1) котормодо сөздөрдүн сөздүктөгү маанилерине таянып таржымалдоо орун алган; 2) айрым беренелерде контекст эсепке алынбай, мазмундук бүтүндүк сакталбаган; 3) текстте кыргыз тилинде талап кылынбаган, ашыкча каражаттар кездешет; 4) котормодо тилдик адаптация (ылайыкташтыруу) амалы жүргүзүлгөн эмес.

Тилекке каршы, мамлекетибиздин негизги мыйзамы да мамлекеттик тилде эмес, расмий тилде жазылып, кыргызча нускасы котормо болуп калган. Андыктан ушул ченемдик-укуктук актынын текстинде да Д. Кенжебаев эскерткен катачылыктар арбын кездешет. Изилдөөчү өзү ошондой тил бузуулардын 20-беренесинин 4 тарамынан алынган мындай бир мисалын келтирет: “Төмөнкүдөй тыюу салуулар боюнча ушул Конституцияда белгиленген кепилдиктерге эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес...”. Анын орусча эквиваленти – “Не подлежат никаким ограничениям установленные настоящей Конституцией гарантии запрета...”.

Бул мисалдагы котормо, бир чети, сөзмө-сөз болуп калган: анда “Не подлежит” деген этиш кыргызча “Тийиш эмес” деп берилип калган. Бирок кыргыз тилинде мындай конструкцияларда таңгыч мүчө көбүнчө жардамчы этишке эмес, негизги этишке жалганат: мисалы, “Не подлежит осуждению” – “Айыпталууга тийиш эмес” делбей, “Айыпталбоого тийиш” деп которулат.

Изилдөөчү котормонун өз вариантын сунуштайт: “Ушул Конституцияда белгиленген тыюу кепилдиктерине эч кандай чек коюлбайт”. Бирок бул вариант да орусча түп нусканын маанисин туура бербейт. Бул учурда юридикалык стилдин тактык жана нормалуулук талаптары эске алынбай калган. Орустун не подлежит этишинин маанисинде, эң алды – юридикалык документтерде, “Милдеттүүлүк”, “Чечкиндүүлүк” мааниси бар. Бул этиш айтылган ойду күчөтүп, аткарууга милдеттүү экенин көрсөтөт. Маанинин бул өзгөчөлүгү сунуш кылынган вариантта анча билинбей калган. Башкача айтканда, мыйзам стилинин императивдүүлүгү жок болуп кеткен.

Сөздүн ачыгы, кээ бир мыйзамдарыбыздын кыргызча тексттерин окуганда, алардын кылдат лингвистикалык экспертизадан өткөндүгүнөн, өткөн болсо, ал экспертиза чындап эле иштин көзүн билген дасыккан адис тарабынан жүргүзүлгөндүгүнөн күмөн санайсың. Тилдик каталар, терминдерди колдонуудагы баш аламандык, эки тилдеги тексттердин бири-биринен маани жагынан кескин айырмаланышы мыйзам жазуу жараяны так сакталбай калгандыгынан гана кабар бербестен, чыгып жаткан мыйзамдардын натыйжалуу колдонулушуна да кедерги болууда. Мыйзамдын туурalыгына кээ учурда, керек болсо, адамдардын тагдыры көз каранды болгонун эске алсак, бул ишти туура багытка, нукка салуу зарыл экени айдан ачык көрүнөт. Ченемдик-укуктук актылардагы кемчиликтер юридикалык каталарга алып келип, учурдагы лингвистикалык экспертиза сапаттуу жасалбай калгандыгынан улам ошол кемчиликтер кийин соттук-лингвистикалык экспертизанын жыйынтыгында аныкталып табылгандыгына өз тажрыйбабыздан көп ирет күбө болгонбуз.

# «Жыпар аңкып, жез бурап…,» же эмне үчүн жез буруксуйт?



**Таалайбек АБДИЕВ,
филология илимдеринин кандидаты, доцент**

Азыркы кыргыз тилинде жыпар сөзү 1. аңкыган жакшы жыт; 2. жыты аңкыган, жыты жакшы, жакшы жыттуу деген зат атоочтук жана сын атоочтук маанилерди туюндурат. Көп учурда антропоним катары да колдонулат. Бул жөнүндө кыргыз ысымдарын изилдеген белгилүү окумуштуу Ш. Жапаров мындай дейт: «Жыпар кыргыз жашаган аймактын бардык жеринде (бүгүнкү күндө кыз баланын ысымы катары) кездешет. Анын мотиви жыттуу, жагымдуу, сүйкүмдүү, жылдызы жанган кыз болсун деген тилек менен байланышкан» .Мындан тышкары бул сөз жыпар самын, жыпар мончок деген сыяктуу кошмок сөздөрдүн курамынан да учурайт.

Жыпар сөзүнүн «Мускус» деген байыркы көөнө мааниси азыркы кыргыз тилинде унутулуп, жогоруда көрсөтүлгөн маанилери гана сакталып калгандыктан, К.Сейдакматов өзүнүн «Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү» аттуу эмгегинде бул сөздүн келип чыгышын төмөнкүдөй божомолдогон: «Буркураган жагымдуу жыт кыргыз тилинде жыпар аталат. Бул сөз иранча чахар-бар «Төрт кырдуу» сөзүнүн чарбар > йапар > йыпар > жыпар болуп тыбыштары өзгөрүшүнөн келип чыгышы мүмкүн. Анткени төрт кырдуу сандык куурайдын, көкөмөрөндүн, жалбыздын, кийик оттун жыты жыпар жыттанат. Алгачкы «Төрт кырдуу» деген иран сөзү кийин тыбыштык жактан өзгөрүү менен бирге, мааниси боюнча да өзгөрүүгө учурап, «Жагымдуу жыт» дегенди туюнтуп калган окшойт».

Ал турсун кыргыз тилин, тарыхын жакшы билген атактуу лексикограф К.К.Юдахин да тилдин бүгүнкү абалы менен чектелүүгө аргасыз болуп, төмөнкүдөй маалымат берген: «Жыпар благовоние, благоухание; благовонный, благоухающий; жыпар самын туалетное мыло; жыпар жыттанблагоухать; жыпар жыттуу благоухающий, благовонный. Бирок сөздүктүн башка бир жеринде ал көбүнчө «Манас» эпосунан кездешүүчү «Жыпар аңкып, жеп бурап» деген сапты «Благоухая мускусом и издавая запах жести» деп которуу менен жыпардын азыркы мускус экенин даана көрсөткөн. Ушундан улам окумуштуу бул сөздүн төркүнүн билген эмес деп айта албайбыз.

Жогоруда айтылгандай, жыпар сөзү «Манас» эпосунан да кездешет жана мындагы мааниси түпкү маанисине жакыныраак. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында «Жыпар менен буулган Жибектен боону тагыпмын» деген саптар бар. Бирок котормочулар анын түпкү маанисин билбегендиктен, түрк тилине: «It r ile y kanan pekten ku ak takm  m» деп которушкан, тагыраак айтканда, жыпар сөзү арап тилинен кирген ытыр ( > атыр) сөзү менен берилген.

Ал эми А.Алдашев өзүнүн «Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгүндө» бул сөздү «Мускус» деп орусча атап, «Айбандардын атайын жаралган бездеринен чыгарылган бөтөнчө жыттуу суюк зат» деп аныктама берген.

Бирок жыпар затынын жана аны туюндурган сөздүн байыркы бабаларыбыздын жашоосунда болгонун тарыхый маалыматтар тастыктайт. Алсак, Мухаммад ибн Наджиб Бекрандын «Жаханнаме» аттуу эмгегинде жыпар боюнча төмөнкүдөй маалымат берилген: «Жыпар (мускус). Жыпардын эң мыктысын Хотандан алып келишет, андан кийинкиси Тибеттен алып келген жыпар, андан кийин татар жыпары, андан кийин кыргыз жыпары, андан кийин кашмир жыпары, андан кийин деңиз жыпары. Жыпардын эң начары – деңиз жыпары, анткени деңиздин бууланышынан улам анын жыты кайтып калат. Жыпар дабет ал-мушк (б.а. жыпардуу жаныбар) деген маңдайында мүйүзү бар чоң эликтин киндигинде болот. Жыпар бул жаныбардын киндигине чогулган кандан пайда болот, [киндик] кычыша баштаганда, ал киндиги менен ташка, дарактарга кашына баштайт жана акырында жыпардуу баштыкча түшүп калат да, [киндик] кычышпай калат».

Кыргыз тилинде буга байланыштуу «Жыпар киндик» деген сөз сакталып калган жана ал «Аялзатына сүйкүмдүү, кыз-келиндер жакшы көргөн адамдарга айтылат». К.Юдахин бул сөздү мээр чөбү бар же мээр чөптүү дегендин синоними деп аныктаган: «мээр чөп приворотная трава; мээр чөбү бар или мээр чөптүү (о мужчине) покоритель сердец, сердцеед».

Жогорудагы жыпар киндик байыркы мезгилде кош сөз катары колдонулган болушу да ыктымал, анткени киндик сөзүнүн айрым Сибирь түрк тилдеринде «Мускусная железа самца кабарги; струя кабарги» деген маанилери бар жана байыркы түрк тилинде «мускус» деген мааниси да болгон. Этимологдор муну эликтин жыпар калтасы киндикке жакын жайгашкандыгы менен түшүндүрүшөт. Ушул сыяктуу эле перс тилиндеги наф «киндик» жана нафэ «мускусная железа кабарги» деген сөздөрдүн да уңгусу бир экени маалым.

Бирок байыркы мезгилде түрк тилдеринде жыпар сөзүнүн «Мускус» деген мааниси болгону сөздүктөрдө белгиленген: «Жыпар: 1. мускус: мен жыпар сачтым я разбрызгал мускус; 2. аромат, запах. Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгүндө бул сөздүн төрт мааниси берилген: 1. мускус; 2. приятный запах; 3. выхухоль; 4. желтоватые цветы колючего растения, произрастающего в бесснежных местах, не теряющие своего запаха при увядании. Этимологдордун оюу боюнча, бул сөз түрк тилдеринин төл сөздөрүнүн курамына кирет жана жыт деген сөз менен тектеш. Алар байыркы түрк тилиндеги жыд-жыпар «Запахи, ароматы», жыдлыгжыпарлыг «Имеющий запах, благоухающий» деген кош сөздөрдү буга далил катары келтиришет. Мунун изи азыркы кыргыз тилинде да сакталып калган: «Жыт-жыбыр всякие запахи; бир нерсенин жыт-жыбыры билинеби не пахнет ли чем-нибудь».

Ал эми мускус сөзүнө келе турган болсок, азыркы кыргыз тилинде бул сөз термин катары колдонулат. А.Алдашев «Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү» аттуу эмгегинде ага төмөнкүдөй түшүндүрмө берген: «Мускус (биохим.) – мускус; айбандардын атайын жаралган бездеринен чыгарылган бөтөнчө жыттуу суюк зат».

Этимологдордун оюу боюнча, бул сөздүн теги байыркы санскрит тилине барып такалат. Андагы мушкас «Калта» деген сөз кийинчерээк перс тилине «Муск», андан латын тилине «Мускус» шекилинде өткөн. Байкалып тургандай, орус тилине латын тилинен кабыл алынган. Ошентип, азыркы кыргыз тилинде бир эле нерсе жыпар жана мускус деген ат менен эки түрдүү аталып жүрөт деп айтсак болот.

Жогоруда айтылгандай, К.Юдахин сөздүктүн иллюстрациялык материалдарында жыпарды «Мускус» деп туура которгон: «жыпар аңкып, жез бурап фольк. благоухая мускусом и издавая запах жести; жыпар күңкүп, жез бурап, жөн эле кыргоолдой кулпурат фольк. благоухая мускусом и издавая запах жести, (она) красуется, как фазан». Туруктуу колдонулган бул сөз айкашы көбүнчө аялдарга карата колдонулат:

*«Көрсөң жеңең жаркылдап,*
*Аркардай таңы кылайып,*
*Айкөл төрө алдында*
*Акырын сүйлөп муңайып,*
*Шекер сөздүү, нур көздүү*
*Жыпар аңкып, жез бурап.»*
*(«Манас»)*

*Жетинчи күнү болгондо,*
*Айнектей болгон сулуу кыз*
*Алмаңа бурала басып жеткени.*
*Жыпар күңкүп, жез бурап,*
*Жөн эле кыргоолдой кулпурат.*
*Кыздын аты Бурулча,*
*Акыл-эси кыйынча.*
*(«Манас»)*

Кыргыз тилинде буруксу-, буркура- деген этиштер менен тектеш бура- этиши «Буруксуп жыттануу» деген маанини билдирет. Бирок металлдын бир түрү болгон жез буруксуп жыттанышы мүмкүн эмес. К.К.Юдахин да мындай учурлардын бардыгында жезди «Жесть» деп которуп коюу менен чектелген: «Атыр бурап, жез күңкүп фольк. издавая аромат духов и запах жести».

Көбүнчө «Манас» эпосунан кездешүүчү бул туруктуу ыр сабы эмне үчүн мындай айтылып калган? Биздин оюбузча, мунун себеби жогорудагы мускус сөзү менен байланыштуу. Бул сөз перс тилинен арап тилине өтүп, андан түрк тилдерине миск түрүндө өткөн жана жыпар деген төл сөздү сүрүп чыгарган. Мисалы, азыркы түрк тилинде жыпар сөзү жок, анын ордуна миск сөзү колдонулат жана «Misk gibi kokmak – жыпар жыттануу» деген сыяктуу сөз айкаштарынан курамынан көп кездешет. Белгилей кете турган нерсе, түрк тилинде бул сөз мис түрүндө да колдонулат. Жыпар сөзүнүн «Мускус» деген түпкү мааниси унутулуп калганына караганда, мис сөзү кыргыз тилинде да колдонулса керек.

Ал эми кыргыз тилинде иран тилдеринен кирген мис деген дагы бир сөз бар жана ал «Жез» маанисинде колдонулат: Туурдугуң киш болду, ит аягың мис болду (Тоголок Молдо). Көрүнүп тургандай, бул иранизм жогорудагы мис деген арабизм менен тыбыштык жактан дал келип калат. Албетте, бул сөздөр оозеки тил аркылуу келип киргендиктен, алардын мааниси чаташып, түшүнүксүз болуп калган. Натыйжада түшүнүксүз сөздү төл сөз менен алмаштырып айтуу аракетинен улам «Жыпар, мускус» маанисиндеги мис сөзү элдик оозеки чыгармачылыкта жогоркудай жез деп айтылып калса керек болжолдоого болот.



№1 (299)
30 01 2024
kyrgyztili@mail.ru

# БИР СӨЗДҮН ТАРЫХЫ:

## КӨКӨ ТЕҢИР



**Эсенбай НУРУШЕВ**

*"Көкө Теңир" - соңку эгемен тарыхта жазарман журту көп колдонгон айтымга айланды, бир катар билермандар теңирчилик дал ушул түшүнүктөн башталган дешет, кай бирөөлөр "Манас" эпосун теңирчиликтин ыйык битиги, окуу китеби катары эсептешет.*

Мындай ырастамалардын канчалык чындыгы бар?

Алдын ала айта кетели: иудаизм, буддизм, индуизм, христианчылык, ислам жана башка диндер таркаганга чейинки ишенимдер тууралуу так жазылган жана айкын түшүндүргөн тарыхый булактар жок. Аларды аска-таштардагы, үңкүрлөрдөгү жазма-чиймелерден, сүрөттөрдөн, археологиялык артефакттардан улам анык таштат жана илимий адабиятта негизинен тотемизм, магия, фетишизм, анимизм сыяктуу терминдер менен белгилешет. Алардын ичинде дүйнө элдерине кеңири тараган шаманизм, азиялык көчмөндөргө мүнөздүү теңирчилик бар. Палеонтолог-лингвисттерге ишенсек, алгачкы ишенимдердин эң жөнөкөй формалары жаратылышка табынуудан башталган, табигый күчтөрдү "Мана" деген түшүнүк менен туюнтушкан. Кыязы, санскриттегиМану, немистердеги Маннус, фригийлердеги Манес, Авестадагы Мануш, зороастризмдеги Воху Мана жана башка ондогон кудайлардын аттары "Мана" менен байланышканы тегин жерден эместей.

Ушул көз караштан алганда "Манас" эпосунун түпкү башаттары ошол эзелки замандардан агып чыкканын аңдаш кыйын эмес. Муну ырастаган мифологиялык мисалдар эпосто арбын жолугат. Бул улуу жомоктун баштапкы үлгүлөрү бизге жеткен жок. Эгер жеткенде, балким, байыркы жана эртеги ата-бабалардын лексикасы, диний түшүнүктөрү, дүйнө аңдамы жана таанымы, философиясы, тарыхы тууралуу маалыматтарыбыз азыркыдан алда канча бай болмок. Ал эми эпостун XVI кылымдан берки ("Мажму ат-таварих", Ч.Валиханов, В.Радлов) тексттеринде теңирчилик, анын эрежелери, табынуу тартиби жана башка жол-жоболору тууралуу кенен-чонон айтылбайт, негизинен мусулманчылык сөз болот. Классикалык варианттарда (Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев) деле теңир Алла тааланын, кудайдын кыргызча аты катары колдонулат. Калмактын бир калдайы "Буруттардын Теңир деген дини бар" деп теңирчиликти эмес, мусулманчылыкты айтат. Панус хан исламга өтөрүндө: "Мен сыйынып жүргөнүм, Кудай эмес экен го, арзымды азыр айтайын, чын жараткан теңирге" деп, кадыр Алдага жалынат.

Эпосто мусулманчылыкка чейин кыргыздар кайсы динди тутунганы тууралуу бир нече эпизоддо эскертилет. Мисалы, пайгамбардын эки аманатын – Ак келте менен Ач албарсты – тапшырганы келген Айкожо баш болгон кырк чилтен "Алдо акбарлап" айгай салып, алакандарын жайып, жерге башын коюп, тоңкочок атканын көрүп Манас аңырайып таң калат. Баатырдын дини башка экенин баамдаган Айкожо ошондо: "Мурунку батыл диниңден, балам күдөр үз деди, болбой турган бир жумуш, мажусу батыл дин деди. Мындан тышкары "Баштагы алаш балдары, сыйынары кут экен, кут дегенин карасаң, коргошундан эритип, куюп алган бут экен" делинет (652). Ушул эле эпизод Тоголок Молдо да бар. Ал жерде "Мукамбеттин атасы Абдылда өзү мажусу дининде болуп, ар жылда алда канча бут жасап сатып турганы" айтылат.

Мажусу – Авестада mazdayasna, пехлевиче же парфянча mazdesn, азыркыча зороастризм. Батыл – арап сөзү, мусулманчылыкка кирбеген дин деген мааниде.

Кыргызды мусулманчылыкка чейин мажусуларга кошкон манасчылардын көз карашы тарыхый маалыматтарга кайчы келбейт. Ч.Валиханов кезинде мажусулук үрп-адаттар казактарда "Каймагы бузулбастан сакталып калганын" белгилеген. Бизде деле ушундай болгон, айыл жеринде алиге чейин келин алганда от жагып, андан аттатып өткөрөт; аксакалдар жаңырган айды көрсө алакан жайып, тилек айтып, бата кылышат, башка да жөрөлгөлөр бар.

Эпосто көп жолуккан дагы бир аталым – Көкө теңир. Дал ушул аталымды теңирчиликтин эн белгиси эсептегендер, аны кыргыздын эзелтен келаткан төл сөзү деп жер сабагандар четтен чыгат. "Элдик академиктер", алардын "Илимий шакирттери", бир катар философтор менен тарыхчылар, акын-жазуучулардын көбү, дегеле homo sapiens жаралгандан берки, атүгүл ага чейинки доорлордон кыргыздын изин таап жаткан криптожазмакерлер мындан кенедей да шек кылышпайт. Алар жадесе "Көкө теңир" сөзүн Манастын антына да желимдеп, жабыштыра салышкан. Ошондо баатыр бабабыз: "Төшү түктүү жер урсун, Төбөсү ачык көк урсун, Көкө теңир өзү урсун" деп, каргангын имиш.

Иш жүзүндө "Теңир" түшүнүгүнө салыштырмалуу "Көкө теңир" кыйла кийинки доорлордо, болжол менен миң жылдын ары-бери жактарында жаралган сөз, ал бизге негизи калмак оторлугунан калган. Муну 80-жылдардын экинчи жарымында чыккан "Накыл сөздөрүндө" улуу тилчибиз Кусейин агай Карасаев көрсөтүп берген эле. А кишини да азыр консервативдүү, кыргыз сөздөрүн өңчөй иран-арап тилдеринен чыгара берген лексиколог өңдүү санаган көөсөр "Лингвисттер" көбөйдү. Алар тууралуу удулу келсе өзүнчө кеп кыларбыз, бу жолу ушу "Көкө теңирге" байланыштуу Кусейин агайдын айтканы канчалык чындык экенин гана тастыктап өтүүбүз келет.

Анда түз эле Манастын антынан түшөлү. Сагымбай аксакалда ал мындайча берилет: "...Ушу сөздөн жанганды, убададан танганды, Төбөсү ачык көк урсун, Төрт чарыяр көп урсун,Төшү түктүү жер урсун, арбагы бийик эр урсун, ак пайгамбар пир урсун, Аты Кызыр тирүү урсун,кырк чилтен кайып эр урсун, кылым турган эл урсун. - Ушуну айтып эр Манас,уруулуу журт көп алаш, Карыя Эштек тагасы, кан Жакып бай бабасы,аксакалдан Айдаркан,азар түмөн канча жан, Омийин деди күнгүрөп, кол көтөрдү дүңгүрөп... ".

Көрүнүп тургандай, бу жерде "Көкө теңир өзү урсун" деген дегеле сөз жок. Бу биринчиси. Экинчи жагы – абдан маанилүүсү – эпостун биз билген бардык варианттарында "Теңир" сөзү жалаң кыргыздарга, "Көкө теңир" өңчөй калмак-кытайларга карата колдонулат. Башкача айтканда, бул эки түшүнүктү эпос эки башка ишенимге бөлөт, эки башка дин деп карайт. Сагымбай аксакалда, мисален, кытайлар жаш Манасты кармап алмакчы болуп келип: "Эми көкө теңир бериптир, көөп жүргөн баланы" деп, сүйүнүшөт. Кийин кыргыздар Акунбешим шаарын камалап, каркап каптап киргенде калмактардын Култка баатыры: "Он жети атам табынган, ойдо жогум табылган, Көкө Теңир кудайым, жалынып жардам сурайын" деп жалбарат. Кыргыздарга такаат кылганга күчү жетпей калганда: "Сыйынуучуң мен элем, чын колдоочум сен элең, Теңиринен буруттун, кайсы жериң кем элең?!" деп "Улук көкө теңирине"(455, 456) наразы болот.

Иши кылып, жамандык-жакшылыкта, бардык учурда калмак-кытайлар эпосто жалаң көкө теңирине кайрылышат, мисал үчүн бир нече бетти көрсөтө кетели (63, 67, 393, 436, 441, 522, 528, 529, 553, 574-ж.б.).

Саякбай аксакалда "көкө теңир" үчилтиктин биринчи бөлүгүндө анчейин көп кездешпейт. Бу сөздү ал "Семетейде" арбын айтат, болгондо да жан алакетке түшкөн калмактарды сүрөттөгөн учурларда колдонот. "Көкө теңир буркан деп, качып жүргөн андан көп, кантип аман калам деп, шашып жүргөн андан көп".

Бул эки түшүнүктүн ушундай эле аңытын Байымбет аксакалдан да көрөбүз. Жусуп Мамай аксакалда көкө теңир калмак-кытайлардын кудайы делинет. Көкөтөйдүн ашына келип, Мааникерди көргөндө Нескара, Жолой, Коңурбай үчөө: "Көкө теңир жолуна, арнап койчу мал экен" деп, шыпшынышат.

Эпосто калмак-кытайлар көкө теңирге кантип таат-ибаадат кылганын сүрөттөгөн эпизоддор да жолугат. Мисалы Жолой: "Күн чыгышка бет алып, өз done динде окунуп, Көкө теңир колдо деп, батасын кылды чокунуп" деп, сыпатталат.

Андай болсо азыркы биздин теңирчилер эмнеге "көкө теңирди" кыргызга энчилеп, кала берсе Манастын антына чейин кошуп, бизге аны "Ыйык ишеним" катары таңуулап жүрүшөт? Балким, биздин атактуу манасчы-бабаларыбыз өткөн тарыхты азыркылардан начар билген чыгар?

Буга тарыхый булактардан жооп издеп көргөнгө туура келет.

Көкө теңир тууралуу биринчи маалыматтар 1200-жылдардын орто ченинде монгол империясында болуп кетишкен Марко Полонун, Плано Карпини менен Гильом Рубруктун жазмаларында айтылат. Алардын соңунан монголдордун Көкө Теңирге табынганын Рашид ад-Дин өзүнүн атактуу "Жами ат-таварихинде" (1310) көрсөткөн, анын ичинде Чыңгыз-хандын чокуга чыгып, күндү карап, асманга кантип тооп кылганын эки ирет сүрөттөп жазган. Бул маалымат биздин эпосто Жолойду сүрөттөгөн жогорудагы эпизодго толугу менен төп келет.

Чыңгыз хандын тушунда монголдордун чоң бакшысы Көкөчү Тэб-Тенгри аталган. Ал боз ат минип асманга барып, жаратканды өзү менен сүйлөшүп келген деген аңырт кептердин арааны тараган. Рашид ад-Дин муну "Акылга сыйбас калп" деп атайт. XVII кылымда жашаган монгол жылнаамачысы Санан-Сэчен Хунтайжи жазгандарга таянсак, Көкөчү Тэб-Тенгри чоң курултайда Тэмучинге Чыңгыз хан деп ат коюп, ага улуу каган наамын берет, жаангер болсо ошол эле жерде өзүнүн бидэ элин (кытайча бэй-ди) көкө монгол – көктүн эли деп жарыялайт.

Ошентип, "Көкө теңир" аталымы Чыңгыз хандын тушунда таралып, кийин ал ойрот-жунгарларга, калмактарга өтөт, алар муну кыргыздарга да жайылтат. Калмактардан калган субстраттар бизде бир топ чыгат, алардын ичинде Көкөмөрөн, Көкөкүлсүн өңдүү топонимдерди эске салсак болот. Көкө теңир диний маанидеги ошондой эпоним.

"Көкө"- монгол доорунан аркы замандарда түрк элдеринде жолукпайт. Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгүн түзгөндөр монголдордогу "Көкө" түрктөрдөгү "Көк" сөзүнөн мурда жаралганына таныктар табылбаганын белгилешкен. Алтай кубар тилинен тараган бул эки тил, лингвисттердин болжолунда, б.з.ч. 4-миң жылдыктын орто ченинде эки бутакка ажыраган. Анын үстүнө монголдорго кирген түрк сөздөрү эртеги доорлордо эмес, орто кылымдарда ооп өткөн.

Орхон-енисей ташжазмаларында "Көкө"деген сөз таптакыр жок. Аларда "Көк" гана бар, болгондо да ал "Таңри" менен кошо айтылбайт: "Оза көкте", "Көтүрмүш таңри". Бул эки сөз бардык жазма эстеликтерде үч жерде гана катарлаш жолугат. Мисалы, Күлтегинге арналган чоң жазууда: "Yza kok tanri asra jaguz jir kuluntukda, akin ara kisi oglu kulunmus". Муну "Жогорто көк асман (жана) төмөндө кара (күрөң) жер жаралганда алардын ортосунда адамзат балдары (kisi oglu) жаралган" деп которушкан. Эгер tanri "көк асман" болсо, анда ааламдын баарын ким жаратканы түшүнүксүз болуп калат. Ошондуктан илимпоздор бу сүйлөмдүн "Таңри жогорто көктү (жана) төмөндө кара (күрөң) жерди жаратканда алардын ортосунда адамзат балдарын (kisi oglu) жараткан" болуп окулушу туура дешет.

Көкө теңирге байланыштуу эң кызык маалымат Махмуд Кашгариде (XI кылым) жолугат. Анын атактуу лугатында "Таңри" – Алла Таала, Жараткан. Буга кошо ал бу сөзгө мындайча түшүндүрмө берет: "Динсиздер – ылайым аларга Алланын каары жетсин! – таңри деп асманды айтышат. Таңри деп алар ошондой эле өздөрүнө эмне улуу көрүнсө, ошонун баарын, мисалы, бийик тоону же чоң даракты да айта беришет. Ушундан улам алар окумуштуу кишини таңрикан дешет. Жараткан бизди ушундай жаңылыштыктардан сактасын!".

Акырында дагы бир маалымат. 1950-жылдары С. Абрамзон Ысык-Көлдө болгондо жергиликтүү сөз бакмал кишилердин бири калмактар кудайды "Көкө теңир" деп аташарын укканын, бирок кыргыздар бу сөздү демейде колдонбой турганын, тек гана Теңир дешерин айткан экен.

Азыр деле эл ичинде "Теңирим Алла колдосун!", "Теңирим кудай жалгасын!", Жараткан Теңирге миң калла шүгүр!" өңдүү айтымдар арбын колдонулат. "Көкө теңир колдосун же жалгасын" дегенди көркөм чыгармалардан, интеллигенция өкүлдөрүнүн оозунан гана укпасак, калк ичинен кулак чала элек.

Кайталап эске сала кетели: "Манастын" биз билген бардык вариантында кыргыздар тек гана Теңир, калмак-кытайлар Көкө теңир дешет.Бери дегенде беш миң жылдан ашуун тарыхы бар алтай кубар тилинде (праязык) ta giri - ант, кудай дегенди билдирген. Кийин, болжол менен биздин заманга чейинки V миң жылдыкта бул тил тарамдала баштайт, бирок анын бардык үч –батыш (түрк-монгол), орто (тунгус-манжур) жана чыгыш (япон, корей) - салаасында тең ta giri тиги же бу формада сакталып калган. Көкө теңир айтымы болсо Чыңгыз хандын тушунда пайда болгон.

Ошентип суроо чыгат: кыргызга тээ алтай кубар тилинен бери келаткан Теңир ыйыкпы же калмак-манжурлардын кудайы Көкө теңир ыйыкпы?

Бу собол тиги же бу сөздүн тарыхына гана байланышкан иш эмес, баарыдан мурда улуттук урктааным (национальное самопознание), идентүүлүк ишине тикелей тиешеси бар маселе.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1
(299)

30
01
2024

kyrgyztili@mail.ru

# Кыргыз элинин тарыхын узарткан эң эски тарыхый булак: «Му Тяньцзы Чжуань»





Кыргыйбек МОЛДОЖУНУСОВ,
КР УИА илимий кызматкери

Буга чейин тарых илиминде Сыма Цзяндын "Ши цзи" деген эмгегине таянып, биздин заманга чейин III кылымдагы окуяда эскерилген "Гэкунь" эли "Кыргыз" деп чечмеленерин аныктап, биз эң байыркы элдерденбиз деп келгенбиз. Бирок, дагы бир кытай жазма булагында кыргыздар андан да илгери эскерилгени далилденгенин билбей жүрөбүз, же билгенибиз менен кыргызчага котор(т)о албай келебиз. Бул жөнүндө кытай тарыхчысы Ю Тайшандын ("Му Тяньцзы Чжуань" эмгегинде көрүнгөн Чыгыш менен Батыштын ортосундагы байланыш жолдору" деген) макаласынан көрсөк болот (Англисче булак: Sino-Platonic Papers, 197 (January, 2010)).

Анын жазганына караганда, «Му Тяньцзы Чжуань» («The Mu Tianzi Zhuan, кырг: «Асман уулу Мунун саякаты») деген байыркы кытай жазма булагында б.з.ч. 7-кылымдан мурунку (2700 жыл илгерки) окуялар баяндалат. Бул тарыхый эмгек Вэй доорунун (б.з.ч. 318-296-жж.) падышасы болгон Сяндын күмбөзүнөн, Цзи аймагында Согушчул падышалыктардын доорундагы Тайкаңдын экинчи башкаруу жылында (281-жылы) казылып алынган. Күмбөздү уурулар талкалагандыктан, оригинал бамбук пластинкалар чачырап кеткен. Жазуулардын мазмуну Сюнь Сюй, Хэ Цяо жана башкалар тарабынан иретке келтирилгенден кийин расмий шрифт менен кайра көчүрүлүп жазылган. 1ден 4кө чейинки бөлүмдөр толук эмес болуп чыккан, ал эми 5-бөлүмү фрагментардуу болгон. Беш главанын бардыгында тең Асман уулу Мунун саякаты баяндалса да, бирок алгачкы төрт глава жана бешинчи глава башка-башка адамдар тарабынан түзүлгөн сыяктуу. Бамбук пластинкаларда эмгектин аталышы жазылган эмес, ал эми азыркы аталыш редакция тарабынан берилген. Ал тууралуу биринчи эскерилген Суйшунун «Классика «Б» боюнча жазуулары»: «Му Тяньцзы Чжуань алты главадан турат» деп көрсөтөт. Ошол эле доордо табылган алтынчы бөлүм Шэң айым өлгөн убакта болгон окуяларды баяндайт. Бул главаны Цзинь окумуштуулары редакциялаганда, «Он тогуз курамдык китептин бири» катары сүрөттөлгөн.

«Му Тяньцзы Чжуандын» биринчи төрт бөлүмү Асман уулу Мунун батышка карай саякатын баяндайт. Бул төрт глава Согушчул падышалыктар доорундагы Янь же Чжао мамлекетинен чыккан адамдар тарабынан түзүлгөн деп эсептелинет. Китептин мазмуну жалпысынан «Асман уулу Му» деген ысымга негизделген аңыз кептерге байланыштуу болгон чыгар, бирок ал Батыш Чжоу мезгилинен берки да тарыхый кабарларды ичине камтуусу мүмкүн. Тарых жагынан ал негизинен Чыгыш менен Батыштын ортосунда биздин заманга чейинки жетинчи кылымдан мурда пайда болгон кабарлашуу жолдорун ачып көрсөтөт. Бул китептеги Асман уулу Мунун батышка болгон саякатынын маршруту жөнүндөгү жазууларды Кытайдагы Жибек жолу тууралуу жазылган эң илгерки адабият деп эсептесе болот.

Ю Тайшан өз изилдөөсүндө Му деген падышанын батышка карай саякат кылганында ал басып өткөн жол Тоолуу Алтай аркылуу өтүүчү ошол мезгилдеги "Талаа Жибек жолу" болгон деп эсептейт. Ал эмгекте эскерилген Куньлунь (Kunlun) тоосунун жайгашкан жерин аныктаганга жана ал аркылуу маршрутту тактаганга аракет кылат. Тарыхчынын пикири боюнча, Куньлунь деген тоо азыркы Алтай тоолоруна туура келиши керек, айрыкча анын чыгыш этектерине. Себеп дегенде, биринчиден, Чыгыш менен Батыштын ортосундагы эң алгачкы катташуу жолу Евразияны кесип өтүүчү «Талаалуу Жибек жолу» деп аталган жол болушу керек эле, анткени ал кезде евразиялык талаада көчмөн уруулар активдүү болушкан. Бул жол Монгол платосунан башталып, Алтай тоолорунун түндүк жана түштүк этектери менен барып, Түштүк Сибирь аркылуу өткөн жана батышка карай жылып, Кара деңиздин түндүк жээгиндеги скифтердин жерине жеткен. Геродоттун «Тарых» (IV, 17-32) деген жазмасы көрсөткөндөй, скифтер менен соода-сатык болуп туруучу бул жол эң кеч дегенде биздин заманга чейинки VII кылымдын аягында бар болгон. Экинчиден, Геродоттун «Тарыхындагы» жана эски кытай жазма булактарындагы өз ара байланышкан көптөгөн баяндоолор бири-бирин толуктарын баса белгилейт Ю Тайшан.

Үчүнчүдөн, археологиялык материалдар буларды күбөлөндүрөт: Орусиянын Алтай губерниясындагы күмбөздөн (б.з.ч. V-IV кк.) жука жибек кездемелери, феникс саймасы бар эпонж, лак буюмдар, «(Дөбө)» оюусу бар коло күзгүлөр табылган. Демек, эң илгерки кытай жибеги батышка, Европага ушул маршрут менен ташылгандыгы көрүнүүдө. «Куньлунь тоосу боюнча уламыштын баштапкы материалдары Тоолуу Алтайда байыркы цивилизация жашагандыгын далилдөөдө» - деген жыйынтыкты айтып, Ю Тайшан андан ары: «А бирок, азыркы Куньлунь же Цилиань тоосунда ушундай уламыштын негизин түзүүсү мүмкүн боло турган эски цивилизациянын калдыктары эмдигиче табылганы жок» дейт. Төртүнчүдөн, «Му Тяньцзы Чжуанда» катталган жаратылыш ландшафттары, адамдардын ишмердүүлүгү жана азык-түлүктөр Евразия талаасындагы ушундайлар менен даана дал келет экен.

«Му Тяньцзы Чжуанда» Асман уулу Мунун саякатында ал бара жатып жана келе жатып жолуктурган кээ бир уруулар жөнүндө жазылып калган. Бул маалыматтардын айрымдарын тарыхый чыгыш же батыш жазма булактары да толуктап, ырастай алат. Му жолду карай жолуктурган уруулар, элдер, жерлер жөнүндө кандай маалыматтар бар болсо, алар Ю Тайшандын изилдөөсүндө эски кытайчадан азыркыга ылайык чечмеленген. Анын арасында "хуанхан адамдары" [kiwenhean] деп эскерилген эл "гэкунь" (б.а. "кыргыз") сөзүнүн транскрипциясы болуп саналарын болжолдойт. Тарыхчы бул боюнча мындай пикирин айтат: «Хуанхан адамдары» (Juanhan), сыягы, «Шицзинин» 110-главасында хуннудан түндүктө деп эскерилген «Гекун» («Gekun») болушу мүмкүн. «Хуанхан» [kiwənhean] дегенди «гекун» [kekkuən] сөзүнүн транскрипциясы катары караса болот».

Кытай окумуштуусу байыркы кыргыздар жөнүндөгү алгачкы маалыматтардын кийинкилерин да бири-бирине байланыштырууга аракет кылат. Эң эски кытай жазма булактарында, мисалы «Шицзиде» «Гэкун» деп, ал эми андан кийинки «Ханьшуда» «Цзянькунь» деп эскерилген элдер «Кыргыз» деп чечмеленет экендигин башка бардык тарыхчылар да моюнга алышкан. Макалада кыргыздардан тышкары, динлин, уцзе, синьли сыяктуу башка элдердин да байыркылыгы «Му Тяньцзы чжунь» эмгегинде эскерилгендиги кошо айтылат. Ю Тайшан бул маселе боюнча «Кошумча эскертүүлөр» катары пикирин минтип билдирет: «Биринчиден, Асман уулу Му батышка карай саякатында жолуктурган уруулардан эң көрүнүктүүсү каону (динлиң), цзилю (грифондор) жана хуанхан (гэкунь) болгон. Ал эми Асман уулу Му кайра кайтып келе жатып жолуктургандарынан эң көрүнүктүү уруу – бул эху (уцзе)».

Андан ары бул айтылган пикирин тарыхчы тарыхый булактар менен байланыштырып ырастоо үчүн сөзүн мындайча уланткан: «Шицзинин» 110-главасында («Хунну жөнүндө баян») хуннулар капысынан пайда боло калганда, Моду Чанүй «түндүктөгү хуньюй (Hunyu), кушэ (Qushe), динлиң (Dingling), гэкунь (Gekun) жана синьли (Xinli) урууларын каратты» деп айтылат. Ал эми «Ханьшунун» 94Б-главасынан билгенибиздей, Хань империясында Юандын башкаруу доорунда хуннулардан Чжичжи Чанүй көтөрүлүш кылып, Хань тарапка өтүп кеткен жана батышка карай бурулуп, «Түндүктөгү уцзеге кол салган жана ага уцзе багынып берген. Батыштагы цзянькунь аркылуу өтүп, түндүктөгү динлиңдерди багынтуу үчүн ал алардын (уцзенин) күчүн өзүнө кошту, андан кийин ал үч урууну басып алды». Мындан биз цзянькунь уцзеден батышта, ал эми динлиң уцзеден түндүктө жайгашкандыгын билебиз. Ал кезде «цзянькунь Чанүйдүн ордосунан чыгышта 7000 ли, ал эми Цзюши мамлекетинен 5000 ли алыстыкта болгон». Демек, Моду Чанүй «Түндүктөгү хуньюй, кушэ, динлиң, гэкунь жана синьли урууларын каратты» деген кабар чындыгында «Түндүк-батыштагыларды … каратты» дегенди билдирет. Динлиңдердин борбордук аймагы Байкал көлүнүн айланасында, ал эми гекун (цзянькунь) элиники Енисей дарыясы аккан өрөөндө жайгашкандыгы илимде кабыл алынган. Синьлинин географиялык абалы так аныктала элек, бирок алар да Алтай тоолорунун түндүк этегинде жашашкан.

Мына ошентип, кыргыз элинин тарыхы жыйырма үч кылым эмес, жыйырма сегиз кылым бою үзүлбөй уланып келе жаткандыгын «Му Тяньцзы чжуань» деген тарыхый булак аркылуу билип олтурабыз. Бул ачылышы үчүн кытай тарыхчысы Ю Тайшанга ыраазычылык айтышыбыз керек. Кытайда кыргыздын байыркылыгын даңктаган мындан башка да тарыхый архивдик материалдар бар экендиги айтылууда, бирок алар кандай тарыхый булактар жана кайсы доорлорго тиешелүү маалыматтар экендиги так айтылбай келет. Эгер кытай архивдерине азыркы кытай тилин гана билгендерди, бирок тарыхты жана эски кытайчаны билбегендерди жиберишсе, Кыргызстан үчүн ийгилик болбой калышы мүмкүн. Себеби, Кытайга тарых изилдөөгө барганда, бизде унутулгандай кытайларда да унутулган тарыхый сөздөр бар экендигин, азыркы жерлердин жана элдердин эскиче аталыштары кандай болгондугун, эски чен бирдиктери азыркыдан айырмаланганын жана башка илимий маселелерди алдын ала билип алуу зарыл. Ошондуктан, ийгилик болушу үчүн эски кытай булактарын изилдөөдөн мурда ушул багыттагы илгерки изилдөөлөрдү, мисалы өткөн кылымдарда кыргыз тарыхына тиешелүү кытай жазма булактарын изилдеп которгон Н.Я. Бичурин, Н.В.Кюнер, Л.А.Боровкова, Л.С.Васильев, , В.С.Кузнецов, Г.П.Супруненко, Е.И.Кычанов, К.Жусаев, Т.Бейшеналиев сыяктуу синологдордун эмгектерин окуп, даярданып баруусу керек. Андан да жакшысы, тарыхый изилдөөлөр багытында Кытай өкмөтү менен Кыргызстандын ортосундагы сүйлөшүүлөрдө эски кытайчаны окуй турган өзүбүздүн синолог-тарыхчыларыбызды даярдоо маселеси да каралса дейбиз.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№1 (299)
30 01 2024
kyrgyztili@mail.ru

# ЭНЕ ТИЛ КӨЙГӨЙҮ



**Каныкей ИСАКОВА, филолог**

Жүрөгү кыргыз деп сокпогон кыргыз жоктур, бирок тили кыргыздын тилинде кыргыз сөзүн сүйлөбөгөндөр көп арабызда. Атам, апам сүйлөгөн тилимди мен балдарыма жеткирдимби деген ой көбүбүздү түйшөлтпөй калганы чындык!

Кыргыздын чок борбору Бишкекте тил көйгөйү кабыргасынан турганы качан? Демек, демек мен тил үйрөнүүгө, түп - тамырыбыздан бери кыргыз болууга чакырам! Ооба тилибиз бар, бирок кандай тил? Өлүп бара жаткан тил, жоголуу алдында турган тил, чаржайыт, келегей тил. Мен баарыңыздарды тилчи болгула, куюлуштуруп, адабий тилде көркөмдөп сүйлөгүлө дебейм! Жөнөкөй эне тилинин бурмаланып баратканына, заманга ылайык жаргондошулуп баратканына ичим ачышат. Балдар түгүл чоң эле кишилердин жазганды мындай коёлу, оозеки сүйлөө жөндөмдүүлүгүнүн жоюлуп баратышын эле карап туруп, коңгуроо какпашка арга жоктугун сездим.

Адам баласы өз оюн сүйлөө жана жазуу түрүндө билдирет. Интернет өнүккөн заманда соцжелелердеги өз оюн жазып калтырууга белсенген мекендештердин дээрлик көбү сабатсыз экендигин, бир – эки сүйлөмдүн өзүндө эле оркойгон, жөпжөнөкөй грамматикалык каталардын санынын көптүгүн көрүп зээним кейийт. Тил корголбогон жерде Мекендин чеп - сепил ташы орнобойт! Тилин коргобогон эл чегарасын коргобой эле койсо болот! Тилин алдырган эл улут катары жоголот! Себеби кыргыз улутунун дили - тилинде! Тил көйгөйүн айта эле бербестен, бир кадамдан болсо да өнүктүрүү процессин колго алуу өзүн агартуучумун деп эсептеген ар бир мекенчил инсан үчүн ыйык парз жана милдет болушу керек!

Кыргыз болуп төрөлүп, дили кыргыз боло албаган балада эмне күнөө… Кыргыз тилдүү бала бакча, өнүккөн заман талабына шайкеш, материалдык, маалыматтык улуттук негизде толук кандуу жабдылган, улуттук кулк - мүнөзгө ылайыкталган методикалык колдонмолор жана окуу китептери менен камсыздандырылган кыргыз тилдүү мектеп барбы? Негизинен жок деп так кесе айта алам! Силер манжаларыңар менен мукактанып санап өткөн жеке менчик мектептер менен бала бакчалар чет элдик уюмдардын шапкесинин астында кыргыз деген ат менен далдаланып ачылган проекттердин туундусу экенине көпчүлүктүн даремети жетпесе керек.

Эми эмне кылуу керек… дүйнө өнүгүшүнөн артта калбайлы, балам канчалык чет тилин көп билсе, ошончолук жашоосуна керектүү нерселер менен камсыздалат, кыргыз тилин качан да болсо үйрөнүп алат деген ата - энелер терең жаңылышат! Биринчи ата - эне өз тукумуна ЭНЕ тилин үйрөтүүсү парз, анан ошол бала улутуна күйөт, Ата журтун сүйөт, ошол мекенде жашап турмуш кечирип жаткан ата - энесине каралашат, жакынына кам көрөт, жер жүзүндөгү жакшылыкты кыргыз наркына кошот, эл - жерди сүйүп, журтуна кызмат өтөп, дүйнө кезген селсаяк - космополиттин кебетесин кийип, ата - тегин унутуп, тентип кетпейт! Атасынын түтүнүн булатат, урпагын улайт…. (ата - энесинин сыйнатына туруп, топурак салганга жарайт жок дегенде… ) кыргыз экендигин дүйнөгө таанытат, ийгиликтердин бийигине туу саят!

Ушундай кыргыз көчүнүн уланышын көксөбөгөн, уул - кызын кыргыз кылууга белсенбеген ата - эне жоктур… кыргыз наркын улаганга дилгир, тилди толук билбесе да кыргыз намысы канынан өчө элек, кыргызча тарбиялайын десе өзү эне тилин билбегенине өкүнгөн улутташтарымдын көйгөйүн мен жакшы түшүнөм жана чын дилимден жардам берүүгө дилгирмин! Ушул маселе туурасында бир оюмду бөлүшүүнү чечтим.

Эмнеге бизде кыргыз тилин окутууну мамлекет жолго коё албайт? Билим берүү министирлиги эмнеге мындай чоң маселелерди чечүүгө келгенде ар кайсы шылтоолор менен кылчактайт? Акчанын жоктугуна, бюджетинин тартыштыгына эмнеге ыктайт? А эмне үчүн башка чет өлкөлүк донорлордон түшкөн акчанын агымын улуттук долбоорлорго бура албайт? Албетте башка улуттун каражатын улуттук билимге буруусу акылга сыйбаган көрүнүш экенин түшүнүктүү. Ошондуктан, кайдагы бир пайдасы билинип – билинбеген “Санариптештирүү менин жашоомдо”, “Санариптештирүү жана жашыл көндүмдөр” сыяктанган улуттун кызыкчылыгын биринчи орунга коё албаган, жылымык саясат менен алек. Анан эмне кылуу керек?. Улуттук түшүнүккө негизделбеген, балдардын келечегинин пайдубалын кура албаган, эртеңки күндүн ээлеринин сапарына жашыл жарык күйгүзө албаган мамлекеттин, ар кайсы чет жактардын бергенине ыктаган Билим берүү министрлигинин, бир да таянарлык улуттук багытта иш алып барууга даабаган мамлекеттик жана жеке менчик ЖОЖдордун, жаандан кийинки козу карындай жыбырап ачылып жаткан жеке жана мамлекеттик мектептердин, кадам сайын бутка чалынган бала бакчалардын кыргыз үчүн кандай пайдасы бар? Бүгүн билим берүүдөн акча аяган өлкө эртең түрмө курат! Эмне кылуу керек… дүйнө кезип кетелиби… Маңкурттукка көз жумалыбы… же эмне…

Улуттук намысты, наркыңды, ансыз да өлө – сөлө маданиятты каякка каталы? Башты салбыратып отура берсек кантет…

Мектеп маселесине келгенде көпчүлүк мекендештерибиз каз – катар салынып жаткан бала бакчаларга, колдонууга берилип жаткан мектептерге башын жаңсайт. А бирок ошол башталгыч жана орто билим берүү мекемелери кайсы багытта, эмне методиканын негизинде эртеңки кыргызстандыктарды тарбиялап жатканына Билим берүү министирлигинин үстүрт көзөмөлүнөн башка тыкыр иликтеген мекеме барбы негизи? Ооба түшүнөм, мен санап өткөн билим берүү мекемелеринин көбү башка өлкөлөрдөн ташылып кирген каражаттын негизинде иш алпарат. Бул жаатта алчысын алып, берчүсүн берип койгон Билим берүү министирлиги гана эмес мамлекеттик органдар да чет жердин билимин алып кирип, биздин балдарга билим беримиш болуп жаткан бейөкмөттүк уюмдардын ачкан билим мекемелерин көзөмөлдөп текшермек тургай мышыгын “Пышш” дебеси анык!

Англис, япон, корей, кытай, керек болсо немис мектептерин ачууга жетишкен чет жердиктердин пайдадан башканы ойлобогон кыргыздын ар – намыссыз чиновниктерин “Колго жакшылап алып алган” жетекчилигине го Кудай берди, ал эми “Себат”, “Маариф”, кыргыз чапанына далдаланган “Айчүрөк”, “ Семетей” аттуу окуу жайлардын эмне менен алек болуп жаткандыгын айтпай эле коёлу, ал эми беш колун болушунча оозуна тыгып алган, Жалкичи районунун дээрлик көп бөлүгүнө ээлик кылып, Кыргыз - Түрк – Манас Эл аралык университетин, анын ичинде колледж, мектептерин ачып, ал турсун чеке белиндеги үйлөрдү сатып алып, кафе, ресторан, соода жайларына чейин ачууга жетишкен түрк туугандардын окуу жайынан билим алган улан – кыздарыбыздын кыргызга күйөрүнө, алган пайдасын кыргызга сарптарына кайсы ата – эне кепил айткылачы?..

Кыргыздын жөнөкөй мектебинен 500 сом аяган кыргыз ата - эне "Себат", жана башка "Оксфорд", "Газпром", "Илим", "Билимкана" сыяктуу окутуу мекемелерине долларлап акча төлөп жатканына не дейбиз… Албетте, кыргыз мектеби эмнени үйрөтөт дешет ата - энелер, кебетеси кеткен имараттар, заманбап жабдылбаган кабинеттер, окутуу деңгээли нөлгө түшүп калган система, өзүн - өзү өстүрө албаган мугалимдер, окутууга ылайык келбеген окуу китептери, бирдиктүү методикасы жок Билим берүү өндүрүшүн мекендештерим жээрип, кыйкырып чыгаары анык!

Жогорудагы четтен келген окутуу мекемелеринин ичинде кыргыз билим берүү айдыңына аралаш келаткан кычык – кычык, булуң – бурчка жүзүн чүмбөттөп катып алган, кылган иши жөнүндө, берген билими тууралуу Билим берүу министирлиги тургай, ДУМК, Муфтияттын ханына салам бербеген, иттин кара капталынан келген, улуттук түшүнүгү, кыргыздык дүйнө таанымы калыптана элек, боконосу ката элек кыргыздын көчөт балдарына араб арибин жаттатып, ислам түшүнүгүнө бала кезинен сугарып баштаган мусулман мектептери, медресе, бала бакчаларды эмне кылабыз журтташтар?…

Бул оюма да "Сен Алланы таанибайсыңбы, каафирсиңби же балдардын жаштайынан ыйман жолунда болуусун каалабайсыңбы, иее, Астагфируллах" дечүлөр да даяр. Анда эмесе жарымыбыз Батышты, жарымыбыз Чыгышты карап жата берели былк этпей…

Жанымдын кашайганы ушул, биз окуу борборлорун ачабыз деп дикилдеп жүрүп жетпеген имараттарга, болгондо да стратегиялык негизи бар делген мекемелерге чет элдик ири билим долбоорлорунун жетекчиликтеринин ээлик кылуусуна ким уруксат бергенин териштирүүгө, кара курсагы менен кулукулдаган кулкунун толтуруудан башканы ойлобогон жогору жактын чамасы да жетпес…

Эртең эмне болорун бир Кудай гана билет деп отурган мекендешим, ойлонолучу, азыр көз жумду болуп койгон маселелер улуттун коопсуздугуна, эртеңки кыргыздын тамырына балта чаппайт деп кимиң айта аласың?… Мисалы мен баса көрсөтүп жаткан маселелерге жакынкы күндөрдө мамлекеттик деңгээлде жетиштүү көңүл буруларына көзүм жетпейт! Ошол эле учурда жогоруда саналып өтүлгөн кесепеттерге мекеним, элим - жерим деген намыстуу кыргыз журтташтарымды жапа тырмак бөгөт коюуга чакырам! А бул көйгөй менен кантип күрөшсө болот? Мен сиздерге улуттук тилге, улуттук кызыкчылыкка негизделген жеке менчик тармактык (жер – жерлерге, аймактарга чейин бир нукка салынган программа, бирдей улуттук методикага негизделип ачылган бирдиктүү багыт) бала бакчадан баштап, мектептерди чейин ачууга демилгелейм сиздерди! Көп түкүрсө көл демекчи, материалдык, финансылык, моралдык жактан жабыла колдоого алсаңыздар эле бери жагы он жылдын ичинде эле улуттук уңгуга негизделген Билим берүүнүн бузулгус пайдубалын негиздеп алууга күчүбүз жетет! Билим берүүсү өз улутунун кызыкчылыгына артыкчылык берген, өз элинин коопсуздугу, бакубаттуулугу, өз жеринде басмырланбай өнүккөн өлкөлөр гана келечекте дүйнөлүк биринчиликти багындыра алат. Келгиле ушул максатта баш кошолу, аракеттенели! Кыргыздын мекенчил мыкты уул – кыздары жок эмес, толтура. Бирок башыбыз кыргыз келечеги үчүн оңгулуктуу бирикпейт. Акча каражаты жетишерлик болгон мекендештерибиз деле бар. Кыргыз кыйыны көп жерде өзүн көргөзөт, мисалы: илимде, маданиятта, искусство жаатында, техникалык өндүрүштө, спортто, соода – сатык, акча айландырууда, саякат кылып, дүйнөнү кыдырууда, күлүк таптоодо, ар түрдүү дыйкан чарба, балык өстүрүүдө, мейманканалык тейлөө жагынан алдыңкы сапта ийгилик жараткан жарандарыбыз сүйүндүрөт. Бизнес чөйрөсүндө биттин ичегисине кан куйган эр - азаматтар менен кыздарыбыз Кудайга шүгүр! Ал гана эмес өнүккөн технологиялык жетишкендиктерге салым кошкондор да кыргыздардан экени кубандырат. Бирок эмнегедир билим берүүгө, болгондо да улуттук негиздеги долбоорлорго кыргыз кыйындарынын мойну жар бербейт, себеби пайда түшөрүнө көздөрү жетпейт, салган акчасын кайтара албайм деп коркот. Бирок ошол эле учурда өз келечегинен аяган акчасы банкроттукка учурап, көздөгөн пайдасынан башка өнүттө кол жууп калышына да кайыл экени таң калтырат. А бирок улуттук билим берүүгө кошкон салымың азыр чөнтөгүңө акча болуп кайтпаса да келечекте балдарың, урпагың үчүн миң эселеп кайтаарына каниет кылсак не болот же бала - чакаңарды алып, космоско учасыңарбы кыйындар?!…

Кээ бир азаматтарыбыз мен Алладан башканы таанибайм, тил – пил, Манас – санасың менен ишим да жок, каада - салтыңды уруп да ойнобойм деп, дин фанаты болуп, улуттук ишеним менен мамлекетинин кызыкчылыгын ислам түшүнүгү менен айрыбаштап алып, өздүгүн чангандарды көрүп көөн гана ооруйт. Антсе да кыргыздыгын туу туткан мекендештерим жогоруда мен баса көрсөткөн улуу идеядан сыртта калбайт деген үмүттөмүн. Жабыла көтөргөн жүк жеңил демекчи, улутубуздун баалуулугун тутунган максаттарга биригерибизге ишенем!

Билим берүүбүз кыргыз келечегинин негизинде түптөлгөндө гана аяк – башы көрүнбөгөн туңгуюктун багыты аныкталып, кайра – кайра кайталанган бийлик алмашуу, төңкөрүш, митинг, пикет, "Кетсин эле кетсин" деп кыйкыруу тыйылып, түркөйлөрдүн саны азайып, элибиз саясий, экономикалык кризистин сазынан суурулуп чыгып, алдыны көздөй өнүгүүгө бет алат. Себеби, улуттук уңгусун тааныган, эне тили аркылуу элин сүйгөн, каада – салт, наркы менен өздүгүн сыйлаган, “Манасы” менен көкүрөгүндө ар – намысына кошо мекенге болгон сый – урматы ойгонгон балада гана кыргыз жаны сакталып, түбөлүк жашайт! Ошол жаңылынган кыргыз баласы гана элинин келечегин өнүктүрүп, ааламга жол салат!

№1
(299)
30
01
2024
kyrgyztili@mail.ru

# Төкмөлөрдүн ойлом жана чыгармачылык өзгөчөлүктөрү

*(Башталышы 5-бетте)*

Төкмөлүк ишмердик чыгармачылык ойлоонун негизинде ишке ашат жана айтыш учурунда ойлоо этаптары төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат:

1. Төкмөнүн алдында проблеманын пайда болушу. Атаандаш акындын айткан сөздөрү (мактоосу, каралоосу, юмору, пикир айтуусу ж.б.) проблема катары берки төкмөнү ойлонууга түртөт.

2. Атаандашынын сөздөрүнө эмне деп жооп берүүнүн варианттарын ойлоо.

3. Чыгармачылык ойлом менен жаны ойду, көз караштын жаратуу.

4. Эргүүгө кирүү.

5. Атаандаш төкмөгө жооп берүү.

6. Анын сөзүнө атаандашы эмне деп жооп берерин күтүү жана атаандаш акындын сөздөрүнө жооп даярдап олтуруу, жаңы проблеманын пайда болушу.

**Төкмө айтышта көндүм болгон** акыл аракеттеринин алгоритмин, ойлом стандарттарын карманат. Ошого ориентация алат. Эми ушуларга токтоло кетели.

Төкмө акын болуу үчүн акындыкка талапкер болгон адам төкмөлөрдүн ырдоо, айтышуу, эл менен мамилелешүү салтын үйрөнөт, аларды өздөштүрүп, төкмө акын катары калыптанат. Тарыхый өнүгүүдө төкмө акындык өнөр өзүнүн салтын, ишмердикти аткаруу тажрыйбаларын ж.б. жараткан. Ошондон айтыш процесси акындан белгилүү салттуу иш аракеттерди-алгоритмди аткарууну талап кылат:

1. Атаандаш акынды угуп жатканда, анын ар бир сөзүнө жооп даярдоо.

– атаандаш акын кайсы (эмне жөнүндө) темада, кантип айтканын, мурунку акындардын кимисине окшош жана айырмачылыктарга ээ экендигин, сөзүнүн, оюнун жаңылыгы эмнеде экендигин? талдоого алат.;

– ошол эле учурда кандай жооп берүү керектигин ойлонуп барат (сөзүндө кандай кемчилик кетирди, эмнеси алгылыктуу болду ж.б. негизденип жооп даярдайт).

2. Атаандаш акындын ар бир сөзүнө жооп даярдоонун үстүнөн иштөө:

Атаандаш акын айткандарды тематикалык, мазмундук жактан талдоо жана топтоштуруу, жалпылаштыруу жүргүзөт.

Төкмө акын ушул иштерди акылында аткаруу аркылуу атаандаш акын айткан сөздөрдүн, ойлордун бирин да унутпай, ар бир сөзүнө өз позициясынан жооп бере алат.

3. Төкмө акын салыштырууларды кеңири колдонуп, өз ой-пикирин, эмоция-сезимдерин билдирет жана атаандашына жеткирет

Жогоруда айтылган акыл аракеттери төкмө акындарга айтышып жаткан учурда атаандашынын ар бир сөзүн, кыймылын унутпай эстеп калууга жана алардын ар бирин акылынан өткөрүп, топтоштуруп, мурунку стандарттарга (даяр калыптарга) салып, ошончо көп маалыматты эстеп кала алат жана аларды акыл калчоосунан заматта өткөрүп, атаандашынын ар бир сөзүн эске (көңүлгө) алып, өз ой-пикирин билдирүүгө, атаандашына жооп берүүгө мүмкүндүк жаратат.

**Айтыш алгоритми:**

Атаандашын угуп жатып акыл калчап жатып, эмне деп жооп берүү керектигин даярдап барат жана ошондон улам кезеги келгенде дароо сөздү улантып кетет. Ошондой эле жооп берип жатканда атаандаш акындын ар бир сөзүн, кыймылын сыдыргыга салгандай көз алдына элестетип туруп жооп берет. Себеби көргөнүн төкмөлүк эсте-сүрөткө тарткандай эстеп калгандан, айтышкан акындын элеси, сөзү, кыймыл-аракети, өңү-түсү көз алдына тартылып турат. Ошон үчүн атаандашынын ар бир сөзүн, кыймылын көз алдына келтирип, тема боюнча өз көз карашын, позициясын билдирип, анын ар бир сөзүнө жооп берет. Тема боюнча өз көз карашын, позициясын билдирет.

Жыйынтыктап айтканда, төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоодо ишмердиктин натыйжаларын изилдөө методун колдонуу төмөнкүлөрдү көрсөттү: биринчиден, төкмө акындардын таанып-билүү өзгөчөлүктөрү: көңүл буруусу, сезип-туюусу, кабылдоосу-сезүү органдары (кулак, көз ж.б.) тубаса өзгөчөлүктөргө ээ болот. Бул айтышып жаткан атаандашынын маанайын, ар бир кыймылын так чагылдырууга жана ошого жооп беришине мүмкүнчүлүк берет. Экинчиден, төкмөлөргө эмпатиялык кабыл алуу, эйдетикалык эс жана куйма кулактык мүнөздүү. Ошондон алар өтө көп маалыматты эстеп калууга жана көп маалымат алкагында ойлонууга, акыл калчоого таасир этип, төкмөнүн парасттуу болушуна шарт түзүп, ойлом масштабынын кен болушуна алып келет. Үчүнчүдөн, төкмөлөрдүн жүрөгү менен кабыл алуусу, таанып-билүүсү, эсинин - эйдетикалык эс тутумду пайдаланганДыгы саналат. Төртүнчүдөн, төкмөлөрдүн ойлоосу өзгөчөлүктөргө ээ болуп, басымдуу түрдө стандарт ойлом үлгүлөрүн колдонуу менен өнөрүн аркалайт (ошондон кыргыздарда жамакчылар өтө көп ж.б.), ошону менен бирге эле төкмө чыгармачылык ойломдун жардамында жаңы ойлорду айтат жана кырдаалга, темага байланыштуу өз көз караштарын билдирип, жаңы-жаңы чыгармаларды жаратышат.

Төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн дагы да тагыраак ачып берүү үчүн төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтөбүз:

1.Төкмөлөрдүн таануу процестеринин өзгөчөлүктөрү. Алардын көңүл буруусунун өтө бир жерге топтолушу жана өтө туруктуулугу, сезип-туюусунун, кабыл алуусунун өтө терендиги, эмпатиялык кабыл алуу, куйма кулактык, эйдетикалык эс төкмөлүк өнөрдүн негизги шарты, төкмөлөрдүн ойломунун өзгөчөлүгүнүн негизи болуп саналат.

2. Төкмө акындардын (жана манасычылардын, чечендердин, (айрым учурларда санжырачылардын) ж.б.) эң негизги өзгөчөлүгү - жүрөгү менен дүйнөнү кабыл алуусу, түшүнүүсү, эстеп калуусу, ойлонуусу ж.б. болуп саналат.

Төкмөлөр сезүү органдары менен жана акыл-эси менен дүйнөнү таанып билбестен, жүрөгү менен да дүйнөнү кабыл алат, дүйнөнү таанып билет, ошондон эл көрбөгөндү көрүп, эл туйбаганды туят.

3. Төкмө акындардын ойлоосундагы эң негизги өзгөчөлүк болуп, дүйнөнү жүрөгү менен кабыл алып, айтылган сөздөрдү, ойлорду эмоция-сезимдеринин жуурулушунда эстеп калып, эйдетикалык эс тутумга жакын, окшош төкмөлүк эсти пайдаланганДыгы саналат.

Төкмөлөрдүн эси жөнүндө сөз кылганда, кыргыз элинин куйма кулак деген түшүнүк бар. Төкмөлөр биринчи кезекте куйма кулак болуп, укканын уккандай эстеп калууга жөндөмдүү болушкан. Кыргыздар таза абада жашап, таза суу ичип, таза (адал) тамактар менен тамактангандан кыргыз элинин арасында куйма кулак кишилер өтө көп болгон. Куйма кулактар гана манасчылык, төкмөлүк өнөрдү өнүктүрүп, “Манас” эпосу баш болгон көптөгөн эпосторду оздон оозго сактап, муундан муунга өткөрүп, биздин күнгө жеткирип келишти. Төкмөлөр да куйма кулактыгынан гана айтышып жаткан төкмөнүн ар бир сөзүн эстеп калып, ага жооп берип, айтышта өз өнөрүн көрсөтөт. Ошондон төкмөлөр айтыш өнөрүн философиялык ой толгоолорду баяндаган чон өнөргө чейин өнүктүрүп жеткиришкен. Ошондой эле төкмө акындын эси деген өзүнчө түшүнүк, кубулуш бар, аны эйдетикалык эстин бир формасы катары кароого болот. Эйдетикалык эс сүрөткө тартып алгандай (баарын эсте сактап калган) эс болсо, төкмө акындын сүрөткө тартып алгандай эси чыгармачылык менен өзгөртүлүп (атаандашка жооп берилип) эстеп калынган эс. Тагыраагы кабыл алып жатканда эле атаандашынын айткандарына (ал өзгөртүлүп) жооп иретинде эсте калтырылган эс.

Төкмө акындар эйдетикалык эске ээ болгондон гана атаандаш акындын айткандарын эч бирин унутпастан, ар бир сөзүнө жооп берет. Ошону менен бирге айтылып жаткан темага карата өз ой-пикирин билдирет. Төкмө акындардын эстеп калуусунун мына ушундай өзгөчөлүгү, анын ойлоосунун да өзгөчөлүктөргө ээ болушуна өз таасирин тийгизет.

Жогоруда айтылгандарга негизденип, “Эмне үчүн кыргыз элинде манасылык, төкмөчүлүк ж.б. өнүккөн?” - деген суроого жооп издесек, алгач эле аларда эйдетикалык эстин күчтүү өнүгүшү жана дүйнөнү жүрөк менен кабыл алуусу, өнөрдө шакирт өстүрүү салтынын күчтүү өнүгүшү менен байланыштуу деген ой келет.

4.Төкмө акын болуу үчүн, адам өзүндө төкмөлүк ойломду калыптандыруу зарыл. Ал үчүн төкмө акын алгач ойломдордун даяр штамптарын-стандарттарын үйрөнүүсү зарыл болуп саналат. Төкмөлүк өнөрдө стандарт ойлом үлгүлөрү акын үчүн чоң мааниге ээ. Анткени кыргыз элинин маданиятында ой корутундулоодо стандарт болуп калган жыйынтыктарды пайдалануу салты бар. Алсак, кыргыздар макал-лакаптардагы даяр стандарт боюнча ой жүгүртүп, акыл калчайт. Төкмөлөр да ой жүгүртүүдө стандарт болуп калган ой жыйынтыктарын пайдаланышат. Ал маселени чечүүнү тездетип турат.

Биздин пикирибизче, акындардын стандарт ойломдору даяр сүйлөмдөрдөн, сөз айкаштарынан жана сөздөрдөн турат. Стандарт ойлом үлгүлөрү дегенде такай колдонулуучу ойлом туумдары – стандарт сүйлөмдөр, сөздөр, сөз айкаштары “Саламдашып алайын”, “Турбайбы” ж.б.

Төкмөлөрдүн стандарт ойлому 100-150 туруктуу сөз айкаштары, уйкаштыктары, сүйлөмдөрү менен ишке ашат. М: саламдашып алайын, элим аманбы? Ж.б. Алсак, мал баккан ..., кен казган..., пахтачы...., дыйкан...., жетекчи...., эл баккан жигит аманбы?

Төкмөлөр ой жүгүртүүдө биринин артынан экинчи ой келсин үчүн даяр стандарт уйкаштыктарды, сөз айкаштарды, сүйлөмдөрдү пайдаланат.

Айтыштагы негизги нерсе кайсы акын болбосун төкмөлүктүн жолунан чыкпай, салтты сактап (сөгүнбөй, уятсыз кыймыл-аракет, сөз кошпой ж.б.) ырдайт. Алар үчүн “Болбойбу, жакшы экен” ж.б. станддарттар ар түрдүү темаларда өзүнө ылайыктуу болгон сөздөрдү, сөз айкаштарды колдонуп ырдоосуна ыңгайлуу шарттардан болуп саналат.

Стандарт ойлом төмөнкүлөрдөн турат:

А) айтышты бир акындын саламдашуу менен баштоосу (анын мазмуну акыл-эс, жан дүйнө өзгөчөлүгүнө жараша болот). Экинчи болуп ырдаган акын атаандашынын тышкы көрүнүшүндөгү жана сөзүндөгү өзгөчөлүгү, сөзүнө каяша айтуу ж.б. кирет.

Б) атаандаштын айткан сөзүнө (оюна) мурдатан колдонуп жүргөн, калыпка түшкөн даяр жоопторду (өзгөртүп – каршы ой, өз пкирин) айтуу. Мында атаандашы айткандарды айтып, ага жооп бериши керек.

5. Чыгармачылык ойлом менен кырдаалга, сөзгө жараша жаныча жооп берүү.

Төкмөлөр чыгармачылыгы менен жаңы ой-пикир, көз караш айткандыгы, жаңы мамиле жараткандыгы менен айырмаланышат.

Төкмөнүн калыптануу этаптарын талдоого алуу да, алардын ойлом өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Бул атайын изилдөөдө ишке ашат.

Жогоруда айтылгандарга негизденип төкмөлөрдөгү төмөнкү төрт өзгөчөлүктү белгилөөгө болот:

1.Төкмө акындар башкалардын ырларын, айтыштарын жаттап, аларды өзү айтышка түшкөндө алгоритм жана стандарт катары колдонот.

2.Төкмө айтыштын жүрүшүндө жаңы сөзгө-ойго, пикирге жараша жооп берүүгө көнүгөт жана аны айтыш учурунда колдоно алат. М: саламдашууда- эмнени жаңы айтты, ошондон сөздү баштап кетет, өзүнүн акындык чеберчилигин көрсөтөт.

3. Чыгармачылык ойлом процессинде өз ой-пикирин, көз карашын, нерсеге мамилесин ж.б. айтат.

4.Төкмөлүк өнөрдүн сакталышы жана өнүгүшү шакирттерди өстүрүү, аларды өнөргө социалдаштыруу салты менен байланыштуу.

5. Кыргыз элине интуитивдик ойлом мүнөздүү болгондуктан, төкмөлөр да интуитвдик ойломду өз ишмердигинде кеңири колдонот.

Жыйынтыктап айтканда, төкмөлүк өнөр өз өзгөчөлүктөрүнө ээ жана ошого жараша төкмөлөрдө психологиялык өзгөчөлүктөр жаралат. Андай өзгөчөлүктөрдүн бири төкмө акындарда айтышта төкмө акындардын сөзүндө, түшүнүктөрүндө акыл-эси, ойлоосу жараткан түшүнүктөр эмоционалдык жана эрктик процесстер (аралышып) жуурулушуп кетет десек туура болот. Ошондон төкмө акындын кабыл алуусу, ойлому, көңүл буруусу өзгөчөлүктөргө ээ болуп, төкмөлүк эсти жаратат. Ал бара-бара көңүл буруусун да өзгөрүүгө алып келип, эмнеге көңүл буруу керектигин жана аны өтө терең ачык көрө билүүгө, кабыл алууга үйрөнөт жана көнүгөт.

**Жыйынтыктап айтканда,** Төкмө акындар кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жаратуучулар, сактоочулар жана жаш муундарга жеткирип берүүчүлөр катары кыргыз элинин менталитетин калыптандыруучулар да болуп саналат.

Төкмөлүк өнөр ишмердик катары өз өзгөчөлүктөрүнө ээ жана ошого жараша төкмөлөрдө психологиялык өзгөчөлүктөр жаралат.

Төкмө акындардын сезип-туюусу, кабылдоосу: эмпатиялык кабыл алуу жана дүйнөнү жүрөгү менен кабыл алуу. Алар дүйнөнү сезүү органдары (кулак, көз ж.б.) менен гана кабыл албастан, жүрөгү менен кабыл алгандыгы менен айырмаланышат. Мына ошондон акындар эл көрбөгөндү көрөт, эл байкабаганды байкайт ж.б.у.с.

Төкмө акындардын дүйнөнү жүрөгү менен кабылдоосу, аларды өзгөчөлөнтүп турат. Дүйнөгө, адамдарга жүрөк менен карым-катнаш, мамиле жасоо, кишиге айлана-чөйрөнү терең, туура кабыл алууга алып келет жана жасаган аракеттеринин натыйжалуу (калыс, адилет ж.б.) болушун камсыз кылат. Ошондой эле төкмө акындарда эмпатия жана эмпатиялык кабыл алуу күчтүү өнүккөн. Эмпатиялуу кабыл алуу өтө күчтүү өнүккөндөн гана төкмө акындар бири-биринин жан дүйнөсүн түшүнүшө алат.

Төкмөлөрдүн эстеп калуусу укмуш. алар биринчи кезекте куйма кулак болуп, укканын уккандай эстеп калууга жөндөмдүү болушат.

Стандарт сүйлөмдөр, сөз айкаштары жана сөздөр даяр ойлорду алып жүргөндүктөн, акынга даяр ойлорго жаны ойлорду байланыштырып, уйкаштырып айтып жооп берүүнү оңой кылат.

№1 (299)

30 01 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Тире менен сызыкчаны айырмалай аласызбы?

## *(Тил билбестиктен качан арылабыз?)*



*Жолдош ТУРДУБАЕВ*

***Жеңиш күнүнө арналган салтанатта көзгө сайылган одоно көрүнүш анын баннеринде «9-май» деген ээлтен белгилүү сөз айкашынын оркойто ката жазылгандыгы болду. Ушуга окшогон башка мисалдар жайнап турса деле, бул ирет унчукпай, көрмөксөн кылып коюу мүмкүн эмес. Анткени Президент чыгып сүйлөгөн салтанатта сабатсыздыкты жарнамалаган жосун үчүн уюштуруучулар, ириде ошол катага жол бергендер жоопко тартылбаса, мамлекеттик тилди көзгө илбеген наадандык ого бетер кеңири жайылары бышык.***

### Бир тамга тагдыр чечкен

Совет мезгилинде сабаттуулукка абдан чоң маани берилчү. Ырас, ал кезде мамлекеттик кызматтарга эле эмес, шаарда, шаарга жакын жерлерде кара жумушка да орус тилин билгендер алынчу. Бирок жалпыга таратылуучу кыргызча тексттердин сапатына да кылдат көңүл бурулчу. Жумурай-журттун көзүнө урунгудай «9-май» сыяктуу ураан-желектер эмес, бир күн окулуп-окулбай, анан жыртылып жок боло турган гезиттик макалалардагы ката үчүн да жоопкерчилик ушунчалык катуу болгондуктан, компьютер жок ал доордо журналисттер ката издеп, түн жарымга чейин басмаканада тамгаларды кайра терип карала-торала болуп жүрчү экен. Расмий маанидеги тексттерден кетип калган бир эле ката үчүн баш редактор жок дегенде сөгүш алып, тийиштүү макаланы даярдоого жооптуу кабарчы кызматтан айдалган учурлар көп болгон дешет улуу муундагы кесиптештер.

Совет доорунда автору, жооптуу мекеменин кызматкерлери, редакция ж.б. кылдат карап чыккан китептерди басманын редакторлору, корректорлору, техникалык редакторлору кайрадан текшерчү. Албетте, бир нече электен өткөндөн кийин деле ката табылган учурлар болгон. Мындайда китептин аягына, мукабасынын ич жагына чапталган куш тилиндей кагазга ошол каталар кайсы бетте кетип калгандыгы, туурасы кандай болору милдеттүү түрдө көрсөтүлчү. Ал эми калайыктын алдында желбиреген ураандарга, көрнөктөргө сөздөр туура эмес жазылып калган учурлар дегеле болбосо керек ал кезде.

Албетте, тоталитардык доорго кайра баруунун кажети жок, бирок бул жагынан демократиялык жолдо өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасын үйрөнүү абдан зарыл. Ар бир адамдын реалдуу укуктары менен милдеттери анын коомдогу макамына, бийликтеги даражасына жараша чоңоюп, дайыма теңдештирилип турушу керек. Эркиндик жоопкерчилик менен өлчөнүшү зарыл. Бизде азыр баш аламандык өкүм сүрүп, айрыкча расмий чөйрөдө чала сабаттар өтүгүн төргө илип алган.

### Үч тамгалуу сөздөн төрт ката кетириш керекпи?

(Тире менен сызыкчаны билер кимдер кызыкса)

Азыр бизде демократиянын пародиясы, б.а. күчтүүнүн күнү тууган, бийлиги бардын жоопкерчилиги жок, сабатсыз болсо да капчыгы калыңдар үстөмдүк кылган заман. Тойгонун билбес ашказан баштан өйдө жай алган.

Балким, алакандай тексттен бир кочуш ката чыга берип, эч ким таңыркабай калган бүгүнкү шартта кайсы бир сызыкчанын коюлбагандыгына көңүл буруштун кереги жок дешер? Сызыкча менен тирени айырмасын билбей чаташтырган, үтүр, чекит ж.б. тыныш белгилерин кандай коюшту билбеген филологдор жана журналисттер деле көп кездешет. Бирок дал ушундай көнүмүштү актоо же буга кайдыгерлик кылуу жарабайт.

### Кыскача маалымат

Сызыкча морфологиялык кызмат аткарат, б.а. татаал сөздөрдүн курамдык бөлүктөрүнүн ортосуна коюлат: ага-ини, ата-эне, күнү-түнү, жайы-кышын, дарыгер-хирург ж.б.у.с. Сызыкча өтө кыска болот, анын эки жагынан боштук калтырылбайт.

Тире синтаксистик кызмат аткарат, б.а. сүйлөм мүчөлөрүнүн (мисалы, бирдей сөз түркүмдөгү ээ менен баяндоочтун) ортосундагы байланышты билдирет: Акмат – мектептин директири. Тире узунураак болот, эки жагынан боштук калтырылат.

Компьютерде бул эки белги бир эле жерден терилет. Сызыкчадай кыска белгини эки жагынан бирден боштук калтыра терип, андан кийинки сөздөн соң да боштук жасалганда, узара түшүп, тире болуп калат.

Жетекчи биринчи кезекте ишбилги (менеджер) болушу керек, анын тилди канчалык мыкты билерине көңүл бурбаса деле болот дешет айрымдар. Орустун падышасы Екатерина II үч тамгалуу бир сөздөн («ещё») төрт ката («ишшо») кетирген имиш деп, сабатсыздыкты актоого аракеттенгендер бар. Бирок ошол эле падыша аялдын жарлыгында үтүр тийиштүү сөздөн кийин эмес («Казнить нельзя, помиловать»), ага чейин коюлуп калгандыгына («Казнить, нельзя помиловать») байланыштуу мунапыска чыгарылсын деген айыпкер өлүм жазасына тартылып кеткендиги жөнүндө да икая бар.

Тире менен сызыкчаны айырмалабастыктын айынан бизде эч ким өлө элек чыгар, бирок сабаттуулуктун эң жөнөкөй, ортоңку класстардагы окуучулар деле билбесе уят дегидей эрежелерин элге башчылык кылам дегендер өздөштүрүшү, билбегендерин билип алышы, унуткандарын эстеши абдан зарыл.

Тилди сыйлабастык – элди көзгө илбегендик, мамлекетти барктабагандык.

https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_blog_turdubaev_2017/28493727.html

---

*Которгон Эрнис АСЕК уулу*

# *Конфуцийдин осуяттарынан*



### 1. Устат айтты эле:

– Эгерде элди бир гана мыйзамдар менен башкарып, тартипти күч менен кармап, жаза менен коркутсаң, анда эл мыйзам менен тартипти айланып өтүп, анысынан уялып да койбойт.

Эгерде элди Дээр (изгилик) менен башкарып, тартипти каада-салт менен кармай билсең, эл уятын сезип, өзү эле баш ийип берет.

### 2. Устат айтты эле:

– Оку-чоку, таанып бил, ар дайым таанымдын жаңы чокусуна жет, кантип жан жыргабасын!

Алыскы-алыскы өлкөлөрдөн кайтып келген досуңду кучак жайып тосуп ал, кантип сүйүнбөйсүң!

Атак-даңкты аркалабаган гана - чыныгы Ак ээк (акылман, кеменгер, даанышман) болуп жүрбөсүң?!

### 3. Үү зы айтты эле:

– Ата-энесин ардактап, улууну урматтаган оңою менен бийликке каршы аттанбайт.

Бийликке каршы аттангысы келбей туруп, бүлүк салганды көксөгөн адам болгон эмес.

Ак ээк ар дайым түп негизге түнөт. Түпнегиз түптөлгөндө Жол-Жосун (Дао) ачылат.

Ата-энени ардактоо, улууну урматтоо – мынакей адамкерчиликтин түп негизи.

### 4. Устат айтты эле:

– Кооз сүйлөп, олуттуу түр көрсөтүп, калптын казанын кайнатуу – адамгерчилик менен кайнаса каны кошулбайт.

### 5. Зен зы айтты эле:

– Мен күнүнө өзүмдү үч жолу сынап турам:

Элге чын жүрөктөн кызмат кылып жатамбы?

Жоро-жолдошторум менен чын ниеттен сүйлөшүп жатамбы?

Устатымдын айткандарын аткарып жатамбы?

### 6. Устат айтты эле:

– Кандыгыңды башкарсаң, калың колуң (аскериң) кадырлуу болсун, ишиңе илгери, ишеничке бекем бол, чыгымыңды аз кылып, эл кадырын саз кылгын, абал-шартка жараша атпай журттан жардам ал.

### 7. Устат айтты эле:

– Жаш чагыңда үйүңдө баладай болуп ата-энеңди кадырлап, үй сыртында улууларды урматтап, көңүлүү курч, чындыгың мурч болуп, элин сүйгөн эрендер менен бир болгун.

Андан тышкары ал-күчүң ашып-ташып турса, билим кудугун казып, акыл булчуңга акыл кош.

### 8. Зысыйа айтты эле:

– Эгерде алаасын ойлобой, абийирин ойлогон болсо да, алдан тайганча ата-энесин ардактаган болсо да, падышага кызмат өтөп жатып, жанын бергенге даяр болсо да, жоро-жолдоштор алдында сөзүнө бекем болсо да, ошого карабай аны көөдөнү сокур көркат ташсын, мен аны кылым кыйшайбай туруп, эси бар эржүрөк билерман атайт элем.

### 9. Устат айтты эле:

– Он бешимде окууга дилгирлендим, отузумда өз алдынчалыкка жеттим, кырк жашымда эч нерседен шектенбей калдым, элүүмдө Теңирдин эркин түшүндүм, алтымышка чыкканда ар чындык менен жалганды ажырата билдим, жетимишимде жүрөгүмдүн эрки менен болуп, каада-салтты бузбай келем.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (299)

30 01 2024

kyrgyztili@mail.ru



Батма СУРАПБАЕВА

# Ар нерсени убагында баала,
# Кийинчерээк өкүнүп калба.

## Арстан жана коён

*Бир күнү жолугуп калышты капыстан,*
*Алаң көз Коён менен алп Арстан.*
*Экөө тең бир токойдо күн кечирип,*
*Бирдей эле абадан дем алышкан.*

*Антсе да ушул күнгө чейин,*
*бир да жолу кезикпегени,*
*Таң калтырып турду Асакени.*

*"Колго түшкөн коёнду,*
*коё берген оңорбу"-*
*деп напсиси бузулуп,*
*шилекейи куюлду.*
*Ансайын курсагы*
*үзө тартып курулдап,*
*Байкуш Коёнду*
*баса калып, жеп койду,*

*Ошентип карды бир азга тойду.*
*Бирок кадырын биротоло жойду.*
*Алсыз Коенго*
*Кол салып,*
*Өзүнүн арсыздыгын*
*Далилдеп койду.*

***

*Өзүңдөн алсызга үстөмдүк кылып,*
*Акылсыздыгыңды далилдебе,*
*Баатырды жеңгин күрөшүп*
*Эр жүрөк болсоң эгерде.*



## Таш жана гүл

*Кызыл гүл болчу короодо өскөн,*
*Буралып турчу түшкөндөй көктөн.*
*Суктанткан жанды, жыты бир укмуш,*
*Ачылчу жайнап келгенде көктөм.*

*Так ошол гүлдүн түбүндө жаткан,*
*Бар эле чоң таш бир топ сыр каткан.*
*Турса да канча кылымдар бою,*
*Байкабайт эле короодо бир жан.*

*Кокусунан бир күнү бороон жүрдү,*
*Байкуш гүлдү арсыз шамал четке сүрдү.*
*Назик гүл үзүлүп калбайын деп,*
*Чымырканып карманып араң турду.*

*Ал эми жанындагы баягы таш,*
*Кебелип да койгон жок оорутпай баш.*
*Бир гана бетине тийип жатты,*
*Бороондогу жамгырдан төгүлгөн жаш.*

*Аны көрүп гүл байкуш улутунду,*
*"Кандай гана укмуш" деп, карап турду.*
*Ушундай бороон, карды сезбегени,*
*Назик гүлдү суктандырып буулуктурду.*

*Ал аңгыча жарк этип күн, чыга келди,*
*Жандандырып тирүүлүктү бардык жерди.*
*Гүл болсо, бажырайып жайнап турду,*
*Көркү менен тамшандырып көргөн элди.*

*Баягы таш томсоруп дале турду,*
*Жанындагы кызыл гүлгө көңүл бурду.*
*Аттиң ай мен да гүлдөй болсомчу деп,*
*Жайнаган гүлдү көрүп ичтен сызды.*

***

*Жашоодо бар, ар кимдин артык жагы,*
*Жолуңдан адашпагын, өзүңдү таань.*
*Суктанып бирөөлөргө жүргөндөн көрө*
*Изденгиниң, өзүңдү өстүргүн дагы.*

## Көпөлөк

*Жашыл талаа,*
*гүлгө оронгон айлана.*
*Бир көпөлөк учуп жүрдү,*
*Түркүн гүлдү айлана.*

*Кызыл-тазыл укмуш гүлдүр*
*Көпөлөктү арбады,*
*Атыр жытын искесе да,*
*моокуму эч канбады.*
*Жер жайнаган сан миң гүлдөр*
*турса да,*
*Жактырбастан учуп-конуп,*
*гүлдөн-гүлдү тандады.*

*Жайнаган жай бат эле өтүп,*
*Жыла басып күз келди.*
*Ак көпөлөк кең талаадан*
*Кызыл гүлүн издеди.*
*Баягында тандап жүргөн*
*Көп гүлдөрдүн бири жок,*
*Бир талы да табылбады,*
*Кыдырса да бүт жерди .*

***

*Ар нерсени убагында баала,*
*Кийинчерээк өкүнүп калба.*



## Түлкү менен эшек

*Дайым эле*
*Тамсилде болобу же жомокпу,*
*Эшек менен түлкү болот жаман жоруктуу.*
*Буга аябай намыстанышып,*
*Талкууламаккка экөө жолукту.*

*Акын Адашпай, жомокчу Жолдошбай,*
*Кээ бир кишилердин*
*кылык жоруктарын жактырышпай.*
*Байкуш түлкү менен эшекке салыштырышат,*
*Алардын тике бетине айталышпай .*

*Буга кызууланышып,*
*өздөрүнө талапты коюшту,*
*Элге мыкты экендигин далилдемек болушту.*
*Бирок кантип?*
*Кандай моюнга алышмак,*
*Экендигин, арамза жана куу шумдуктуу.*

*Ары ойлонушту бери ойлонушту,*
*Жакшы нерсе таппай аябай толгонушту.*
*Анан экөө макулдашып олтуруп,*
*Арстан менен аюнун кебин киймек болушту.*

*Эшек элге көрүнмөк болду баатыр жана тайманбас,*
*А түлкү болсо көңүлчөөк алабарман андабас .*
*Чыныгы жүзүн элден жашырышып,*
*Бүткүл калайык-калкты болушту алдамак.*

*Эшек жакшылардын эң жакшысы өзү болду жалгыз,*
*Түлкү болсо айкөл,эч кимге жамандыгы жок калыс,*
*Мурунку жоруктарын унутушуп,*
*Болушту такыр эле жаман сапаттардан алыс.*

*Жакшы эле аракеттеништи,*
*Бирок, Түлкү жойпулугун карматып*
*Акты кара,караны ак дебеспи,*
*Кайсы бир нерсеге ачууланып кетип,*
*Кокустан эле эшек айкырып жибербеспи,*
*Бардык эмгектери текке кетти.*
*Мына ошентип ким экендигин "Далилдешти"*

*Чынында эч ким өзүн жаманмын дебейт,*
*Жадакалса айга күнгө да өздөрүн тенебейт.*
*Кадыр-баркын асмандатышып,*
*Тим эле алтынга алмашкыс сезет.*
*А бирок,*
*Көрүп турган эл баарын таразалап келет.*

***

*Канчалык жаап жашырса да,*
*Баары бир түлкү түпкү насилине барат.*
*Арстандын кебин кийсе да эшек эшек бойдон калат...*



## Карга

*Бир күнү жаныбарлар*
*токойго жыйналышты,*
*Анткени алар тартипке*
*келе албай кыйналышты.*
*Адилеттүү,ар дайым ак сүйлөп*
*так жүрөт деп,*
*Каргага башкармалыкты ыйгарышты.*

*Трибунага чыгып карга*
*Сүйлөй баштады күпүлдөп.*

*Биз токойду таза кармайлы,*
*Өзүбүзгө өзүбүз кыянаттык кылбайлы.*
*Бир укум жерибизди да,*
*бөтөндөргө тепсетпей,*
*Бардык күчүбүздү ушуга арнайлы.*

*Элдин баары муюп угушту,*
*Туура деп баш ийкешип,*
*Кол чаап,*
*колдоп-коштоп турушту.*

*Бир күнү карга,*
*башка токойго саякатка барды.*
*Ал жерден жакшы,*
*жоро жолдошторду таап алды.*

*Аларды коноктмок болуп,*
*Үйүнө чакырып калды.*
*Коноктор түгөл келишти баары,*
*Сыйды да урматты көрүштү дагы,*
*Андан соң сейилдеп токойго чыгышып,*
*Коозтугун көрүп суктанып калды.*
*Анан досу сунуш киргизди ага:*

*– Ой менин жакын досум карга,*
*Жерин сонун укмуш экен.*
*эс алып келип турайын кез-кез,*
*Бир бөлүгүн бере турчу мага,*
*Биротоло эмес, убактылуу гана.*
*Бекер эмес, белегим бар сага.*

*Карга ойлонуп калды көпкө*
*Кандай кылмак,*
*баш тартса,*
*баалуу белектен кур калганы турат,*
*Макул болсо, элдин кусуру урат.*
*Анткени өзү сөз берген,*
*бир укум жерди сактоого*
*Кантип ал сөзүн башкага бурат?*

*Акыры тымызын сүйлөшүп,*
*бираз жер бермек болду досуна.*
*Кантсе да жакын досу, ары кошуна,*
*Кантип кыймак эле досунун көңүлүн,*
*Ал дайым*
*Суугуна тоңуп, күйүп турса отуна.*

*Оболу эч ким билбеди аны,*
*Бирок досу токойду ээлеп,*
*чар тарабын тосуп да алды.*
*Ар күнү шапар тээп,*
*Элди көзгө илбей да калды.*

*Токойго бардык жаныбарлар чогулушту,*
*Нааразылык күчөп,*
*баягы жерди бошотмок болушту.*
*Чыккынчы карганы сууруп чыгып,*
*Досуна кошуп камап коюшту.*
*Ошентип,*
*Досу менен карга,*
*экөө тең токойдон жоголушту.*

***

*Ишенип берсе ишти сага*
*Ишенимден чыгып калба.*

Тамсилдер

№1
(299)
30
01
2024
kyrgyztili@mail.ru



# ТАРЫХЧЫ АКЕ

*(Аңгеме)*

**Алимжан АЛИБЕКОВ**

Сыртынан карасаң койдой жоош, бирок кытмыр күлкүсү кимди болбосун шылдыңдоого даяр, шыргыйдай арык, ээгинде бир тал түгү жок мурунку аткаминер, азыркы билерман санжырачы Тарыхчы аке — Буруш эженин кымызканасындагы эң белгилүү адам. Анын өз аты ким экенине эч ким ээзели кызыкпады. Кызыкпаган менен, кымызканага баш баккандар качан болбосун бир баалуу буюмун жоготкондой:

— Тарыхчы аке жокпу? - деп издеп киришет.

Ичкериде көрүнбөсө, индия фильмине билет жетпей калган көрүүчүдөй, кеседеги кымызын колуна кармаган бойдон унчукпай тымпыйып отуруп калышат. Эпадам Тарыхчы аке кымызканада болсо, анда эле көрүп ал, жээктен көзү өткөн Колумбдун суучулдарындай канча убакыт болсо да, эрикпей күтүшкөнү күтүшкөн. Оңунан берип, алдыда чоң жаңылык болчудай...

Төрдөгү кара шляпачан Тарыхчы аке азыр эле колуна тийген кымыздан ууртап, мындагыларды кыдырата карап алды да, узун сөрүдө бутун ылдый сунган бейтааныш немеге токтоду.

— Ай жигит, сен мында биринчи жолу келип жаткансың го?

— Ооба, ава.

— Анда бутту чеч да, жогору чык!

— Жоок ава, ушул жерде эле...

Муну укканда баары туш-туштан таңкы таандардай чурулдап ийишти.

— Кыргыздын баласысыңбы? Улуу киши чакыргандан кийин барбайсыңбы?!

Бут кийимин айласыз чечип, төрдөгү кичинекей үстөлдү тегеректеген топ кишинин этегине жармашты. Бул жерде мындай жер үстөлдөн дагы төрт-беши бар. Аларда да ушунча киши кымыздан ууртап, бирдемелерди сүйлөмүш болууда. Анткен менен баарынын кулагы Тарыхчы акеде...

— Урууңду билесиңби?

— Билем ава. Бозгун болом.

— Эмнеге бозгун аталып калганын сурап көрдүң беле?

— Жоок ава, кызыкпадым.

— Анда билип ал, баатыр! Оо Манас атанын заманындабы, айтор, бир келин отун терем деп кетип, душман капыстан кол салганда, өз журтунан жалгыз аман калыптыр. Ошону кыргыздын бир байы жер жайнаган малын айдап баратып, өз журтуна кошуп алат. Келин кызматы менен жагып, жашап кетет. Кош кат экен, көп өтпөй уул табат. Ошол уулдан тарагандарды бозгундар деп коёт. Эми сен кыйын болсоң, түпкү атаңды издеп таап ал, баатыр! — деп алдыңкы алтын тиштерин көрсөтө күлдү билерман.

— Хи-хи-хи-хи!

Отургандарга ушул эле керек эле. Баары жандана түштү. Окуяга шыпшынгандар мындан көп. Арасында отко май куйгандар да табылды.

— Бул жигит жаш экен, түпкү атасын каяктан табат эле?!

— Издесин, сураштырсын! Антпесе, буларың аялдан тараган болуп атпайбы?

— Хи-хи-хи-хи!

Жигиттин бети кызарып, уялганынан жерге кирип кете жаздады. Үстөлдөгү кымызына карабай, каяктан адашып кирип калганына өкүнүп, ордунан шашыла турду.

— Ушунтип эле кетип каласыңбы?

Аваңа рахмат айтып койбойсуңбу? – деди оропарадагы чий сары кычык киши кытмыр күлүп.

Уялган неме бут кийимин шашыла кийип, эч кимди карабастан чыгып кетти.

— Ар кайсыны сүйлөп, жөн ичирбедиңер, — Ичилбеген кымызын үстөлдөн алып жатып ушинтти Буруш эже.

Тарыхчы акеге ушул эле керек болчу.

— Мына азыркы жаштардын кебетеси! Чындыкты айтсаң, уккусу келбейт! Илгери партиянын тушундагы тартипти айтчы! Пай-пай-пай! Жумушка себепсиз келбегенин, арак ичип соолуктуруучу жайга түшкөнүн, аялына кол көтөргөнүн, деги койчу баарын чогулушка салып, күнөөсүн мойнуна коюп, тарбиялап, адам кылчубуз! — Замандын минтип өзгөргөнүнө чындап кейип жатты ал. Анан беш күндүк ачуу кымыздан кере-кере жутуп алды.

Аркы четтен бирөө баш көтөрүп:

— Ошондо бизде түпкү атасын билбегендер да бар экен да, тоова! – деди.

— Бар эмей! Мына сенин жаныңдагы Эргешбай деле жарытып билбейт!

— Билем! Хандын тукумунан болом! – деди базарчы кызарып-татарып.

— Канчанчы аялынан?

— Үчүнчү!

— Үчүнчү дейсиңби!

— Ха-ха-ха-ха! — Баары жапырт күлдү.

— Ой кемпай десе! Байбичесинен таркагандар гана хандын тукуму болушат. Токолунан тарагандар адам санына да кошулбайт кыргызда! — Тарыхчы аке Жогорку соттун судьясындай колун кезеп айтты.

— Кантип адам санына кошулбасын! Мына паспортум бар! — Эргешбай койнунан паспортун алып чыгып, Тарыхчы акеге сунду.

— Мага демектен жүз паспортуң болсун! Баары бир токолдонсуң! Хандын тукуму болсоң, ушинтип базарда пияз сатмак белең!

-Хи-хи-хи-хи!

Акыркы сөз Эргешбайга катуу тийди.

— Мен....мен....пияз сатсам да, балдарымды бешене терим менен багым жатам... Силердин кандай ишиңер бар! — Эргешбай калтыраган колу менен жеңил чыптамасын араң кийип, ызасына буулугуп, эшикти көздөй жөнөдү.

Эч ким ордунан козголбоду. Хандын токолунан таркаган Эргешбайдын таарынган сөлөкөтү алардан узап баратты... Тарыхчы аке болсо күүсүндө эле.

— Мына көрдүңөрбү, биз, кыргыздар, кандай улуу элбиз! Түпкү атасын билбегендер, токолдон таркагандар арабыздан өздөрү эле кетип жатышат! Таза кандуу кыргыздардан не деген баатырлар, башкаруучулар чыккан эмеспи!

— Туура! Туура! – дешти отургандар оюнда өздөрүн таза кандуу кыргыздарга кошуп.

— Билип алгыла муну дагы! 5-кылымда Европаны кармап турган кадимки гунн Атилла, бизче айтканда, Адилхан да кыргыз болгон!

— Аа ошондой деңиз! – Баары таң калып, кыргыз болуп төрөлүп калганына мардая түшүштү.

Көпчүлүктүн оозун ачып Тарыхчы аке сөзүн андан ары улады.

— Чын-чынына келгенде биз, кыргыздар, — убагында дүйнөнүн жарымын багындырган Чыңгызхандын да таякелери болобуз! Апасы кыргыз деп айтылат тарыхый булактарда!

— Ап баракелде, Тарыхчы аке! Мунуңуз баарынан кызык жаңылык болду! – Кымызкана зор мухиттей толкуп алды. Кубанган жүздөр эми эч ойлонбостон Чыңгызхандын жер жайнаган аскерине кошулуп кетүүгө даяр турду...

Кымызкананын ээси куюп жаткан кымызын жайлата калып, чочугандай:

— Чыңгызхан да кымыз ичти беле? – деп сурады.

— Ичип алып, акчасын төлөбөй чыгып кетпедиби! — деди бирөө тамашалап.

— Ха-ха-ха-ха! – Баары жыргап алды. Буруш эже да күлүп жиберди.

— Ичпегендечи! Көчмөн элдин уулу болгон соң кымызды Чыңгызхан да, Адилхан да ичкен! Биз да ичебиз! — Муну Тарыхчы аке кеседеги кымызын бийик көтөрүп, баарына угуза айтты...

Кеч кирип кымызканадагылар үй-үйүнө таркай баштады. Бир гана Тарыхчы аке шашылбайт. Мунун себеби өзүнө гана дайын. Үйүндө баары орусча сүйлөшөт. Анын жалгыз эрмеги ушул кымызкана эле...

# КАНАТЫ СЫНСА ДА, БҮРКҮТТӨР ЫЙЛАБАЙТ

*Бүркүттөр ыйлабайт, жашыбайт,*
*Булчуңу кайыштай качырайт.*
*Кокустан жаалына келгенде,*
*Күркүрөп тоо кыйрайт, таш урайт.*

Кыргыз поэзиясында өлчөөсүз салмагы бар Өмүркул Кулумбаевдин ушул керемет ырына чыккан керемет обонду угуп отуруп, бүркүткө окшош акындын татаал тагдыры, анча көп болбосо да чогуу жүргөн жылдар көз алдыма тартылып турду. Ал жөнүндө алгач өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынын баш ченинде уккан элем. Ат-Башынын райондук гезитинде кийин атактуулукка жетишишкен Шайлообек, Жекшенбай деген кесиптештерим эмгектенишчү. Бир жолку иш сапар учурунда алар тагдырдын оор сыноосуна кабылып, баса албай калса да жазган ырлары республикада "Жүгүрүп" жүргөн Өмүркул Кулумбаев туурасында узун сабак аңгеме куруп беришкен эле. Башка бирөөлөр аны ал тургай Алыкулга да теңештирип жиберишкен болчу.

Ушундан улам акындын чыгармачылыгына, кырсыктан кийин туштуккан оор тагдырына кызыгуум күчөгөн. Андан бир топ жыл өткөн соң акындын кызы Гүлмира менен чогуу иштешип калдык. Өзү эле ыр сыяктуу, гүл сыяктуу кулпурган Гүлмира чоң жамаатка бат эле аралашып, аралашканда да атасынын ырларын жатка айтып берип, Өмүркул акындын ким экенин бизге даана тааныткан. Кийин акын акка моюн сунаар алдында минтип айтып атпайбы:

*Дос кылган, доо койбой душманды,*
*Дөө, шааны сөз менен жыкканды.*
*Ынандыр, эл журтка айт кызым,*
*Ызамды ыр менен утканды.*

Эбегейсиз ызасын, башка түшкөн оор кайгысын ыр менен жеңген кайран акындын кызына калтырган керээзин Гүлмира илгертен эле аткарып келди. Эми акынга тийиштүү мыкты бир сапатын айта кетейин. Ага берилчү мүнөздөмөнүн эң башкысы ал адамдын баарында эле кездеше бербеген мекенчилдикке, чынчылдыкка жана орусчалап айтканда принципиалдуулукка эгедер эле. Ырларынан да буга күбө тартчу саптарды табасың.



*Бир нерсени - сүйө билсең эгер сен,*
*Бир нерсеге - күйө билсең эгер сен.*
*Анык адам, акыйкатчыл адамсың,*
*Акты - ак деп, жүйө билсең эгер сен.*

Акын ырлары аркылуу чындыкка бел болууга, адам катары жараткан тартуулаган вазийпаңды ак аткарууга, кайрымдуу жана камкор болууга чакырат. "Акыл-ойго кыраан болсоң адашкандарды айкын жолго сала" тургандыгын эскертет. Өмүркул акындын айтуусу боюнча бул жалган жашоодо кемчиликтер, жаңылуулар болбой койбойт, ага карабастан алган багытыңдан кайра тартпоого үндөйт акын.

*Не келбейт тирүүлүктө асыл башка,*
*Дүр-дүйнө тартуу кылаар, алтын так да.*
*Жок дебе, жанды десе, жаныңды бер,*
*А бирок эл-жерди сакта, сатпа?!*

*Буга улай дагы бир ырынан бир шиңгил:*
*Айтканын аткарган эрки бек,*
*Акыйкат, айкөлдүк, ак тилек.*
*Кылымдап шердикти туу туткан,*
*Кыргыздын уулумун эр жүрөк!*

Ушул жерден мындай бир мисалды айта кетүүнүн сааты келип турат. 1980-жылдардын баш ченинде ал шаарга жамаатташ жайгашкан айылда калкты соода менен тейлөөдө орун алган кемчиликтерди катуу сындаган макала жазып келген эле. Анын каарманы акчалай да, натуралай да белектерди сунуш кылганына макул болгон эмес, айласы кеткенде редакциянын жетекчилери менен сүйлөшүп, маселесин оң жагынан чечкенге макулдашып кетет, кыскача айтканда макала гезитке жарыяланбай турган болот. Ал учурда сын макаланын таасири жогору эле, гезитке чыктыңбы, жок эле дегенде кызматтан кол жууганга чейинки жаза колдонулчу. Ошентип, бир жээкте жалгыз автор Кулумбаев, экинчи жээкте редакциянын үч-төрт көзүрү өз ара "Чабуулга" өтүштү. Ортодо баш каарман бар. Автор макалада көрсөтүлгөндөрдү мыйзамдуу далилдеп, ар бирине ишенимдүү далилдерди келтирип, акырында экинчи жээктегилер оздорун ачкан боюнча отуруп калышкан. Муну менен эмнени айтмакчымын. Акын бул жерден өзүнүн чынчылдыгын, ар бир ишке туура мамиле жасай билгендигин, талаштуу маселелерди талкуулап чече билүүдөгү жөндөмдүүлүгүн, акыр аягында көп нерсеге көзү жеткен билим көрөңгөсүн көрсөтө алган.

*Калаар адам - балким капыс төрөлүп,*
*Күн өткөрүп, көрүнгөнгө жөлөнүп.*
*Эгер менден из калбаса энчилүү,*
*Эмнем киши, болгум келбейт тирүү өлүк.*
*Ким жашаган - жанын кармап түбөлүк,*
*Өлбөстүккө эминең бар - күбөлүк?!*
*Адамдыгын актап өлүү деген бар,*
*Өлгөн сыймык - урмат-сыйга бөлөнүп!* - дейт акын.

Ооба, чынында эле эч кимдин өлбөстүккө күбөлүгү жок. Бирок, жалган дүйнөдө сыймыктуу жашап өтүү, эл алдында, мекен алдында ак кызмат кылуу адамдык бийик парзыбыз. Өмүркул Кулумбаев акындыгынан мурда да жогорку адамдык сапаты, чындык үчүн күрөшө билгендиги, ийри басса дагы түз сүйлөп, түз жүргөнү менен эсте калды.

...Канаты сынса да бүркүттөр ыйлабайт... Жан дүйнөнү козгогон керемет обондун кайрыктарын угуп отуруп, элестер көз алдыдан чубап өтүп жатты.

**Темиркан ТОКТОЕВ**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№1 (299)
30 01 2024
kyrgyztili@mail.ru

М.А. ШОЛОХОВ

# Адам тагдыры

*(Аңгеме)*



**Кыргыз тилине которгон Бахтияр ШАМАТОВ**

*КПССтин 1903-жылдан бери мүчөсү Евгения Григорьевна Левицкаяга*

Жогорку Донго согуштан кийинки алгачкы жаз болуп көрбөгөндөй эрте да, күрдөөлдүү да келди. Марттын этегинде эле Приазовье жактан жылуу шамал согуп кирген, эки –үч күн өтпөй Дондун сол жээгиндеги кум таптаза такырайып, талаадагы калың кар астында калган коо-колоттор көөп чыкты, муз бетин чарт сындыра тээп атылып чыккан талаа дайрачалары туш-тушка оюн сала жайыла тарамданып, жолдор такыр эле жан өткүс болуп калды. Жол жүрүп болбогон кабагы бүркөк ушундай алашалбырт маалда мага Букановская станицасына барууга туура келди. Аралык деле анчалык эмес эле – көп болсо алтымыш чакырым чыгаар, - бирок ошонун өзүн басып өтүү оңойго турган жок. Жанымдагы шеригим экөөбүз күн чыга электе эле жолго чыкканбыз. Каамыттын кайышын чирене тарткан семиз кош ат оор арабаны араңдан зорго сүйрөп баратты. Күпчөгүнө чейин кар менен муз аралаш ымдуу кумга баткан дөңгөлөктөр араң эле айланат, ошентип бир саат өтүп өтпөй аттардын капталынан, сандарынан, куюшкандын ичке кайыштарынын астынан самындын ак көбүктөрү куюла баштады да, эртең мененки таза аба аттын тери менен жабдыктар чылпылдата майланган ысык кара майдын жытына толуп чыкты.

Аттар жүрө албай калган жерлерден биз улам арабадан түшө калып, жөө басып жаттык. Эриген суу кар таман астында шалпылдап, баскан да кыйын эле, бирок жол четинде хрусталдай күнгө чагылышкан муз дагы эле кете элек экен, басканга оңой болобу деп ал жакка чыксак, ого бетер тайгаланып баса алчудай эмеспиз. Ошентип алпурушуп отуруп алты саат дегенде жолдун тең жарымын – отуз чакырымды араң өттүк да, Еланка дайрасы аркылуу өтө турган өтмөккө жеттик.

Моховск хуторуна тушташ, анчалык чоң эмес, кургакчыл ысык жайда кээ бир жерлери кургап да калчу, саздак, чети кайыңдуу чакан дайра бир чакырымдай жерге жайылып агып аткан экен. Андан үч адамды гана араң көтөргөн эски, түбү жалпак кайык менен гана өтүүгө болоор эле. Аттарды коё бердик. Тиги өйүздөгү колхоздун сарайында бизди өткөн кышта калып кеткен эскилиги жеткен «Виллис» күтүп турган эле. Шоопур экөөбүз абайлап, чалдыбары чыккан кайыкчага отурдук. Шеригим болсо буюмдар менен жээкте калды. Жээктен ары жылаарыбыз менен эле түбү чириген кайыктын улам бир жеринен суу фонтан сыяктуу атылып чыга баштады. Бирок эптеп аркы жээке жетип алгычакты ойрону чыккан кайыктын тешиктерин колго урунган бирдемелер менен жамаачылап, сууну улам сузуп салып жүрүп отурдук. Бир саттан кийин эптеп атып Еланканын аркы өйүзүнө чыктык. Шоопур хутордон машинесин айдап кайыкка жакын келди да, калакты кармап туруп мындай деди:

– Эгерде мобу каргыш тийгир дагара сууга чөгүп кетпесе, - эки сааттарга чамалап келип калабыз, андан эрте күтпөгүлө.

Хутор тээ четте жайылып жатты, причалдын жанында болсо тирүү жан жок, ээн жактардагы кеч күздө же жаздын башталышында боло турган кулак мурун кескен жымжырттык өкүм сүрүп турду. Суудан нымдын шабадасы уруп, чириген кайыңдын жыты келип турду, ал эми ойноктогон желаргы тумандын көгүлжүм түтүнүнө төнгөн алыскы талаалардан жаңы эле кардан бошонгон жердин билинер билинбес аңкыган эрте жытын жеткирип жатты.

Жакын эле жердеги кум жээкте чырпыктан согулган тосмо кулап жаткан экен. Мен ага көчүк бастым да, чылым чекмеке колумду чолок тонумдун оң чөнтөгүнө салдым, бирок кара басып, «Беломордун» кутусу чылгый суу болуп калыптыр. Суудан өтүп баратканда толкун жарымы сууга батып бараткан кайыктын кырынан аша чаап бел кырчоого чейин киргил сууга жайпап кетип жатты эле. Анда оюма чылым келиптир дейсиңби, кайык чөгүп кетпесин деп жанталашып, калакты таштай салып, улам суу сузуп атпадымбы, эми байкабай кетирген жаңылыштыгыма кайгырып, чөк түшө отуруп алып чөнтөгүмөн суу болуп калган кутуну алып чыктым да, саргара түшкөн ным папиросторду тырыштырып үстүнө бирден жая баштадым.

Чак түш болду. Күн тимеле май айындагыдай ачуу тийип турду. Мен папиросторум кургай түшөөр деп үмүт кылып жаттым. Күн кайнап чыккандыктан, жолго аскердик пакталуу күрмөмдү калың шымы менен кийип чыкканыма өкүнүп да калдым. Бул кыштан кийинки алгачкы табы жылуу күн эле. Чырпык үстүндө кулак мурун кескен тынчтыкты тыңшай, башымдагы эски аскердик тумакты чечип, күчөнө калак шилеп келгенден кийинки суу болгон чачымды кургата, мунарыктаган көк бетиндеги чокмороктошуп каалгып сүзүп өтүп жаткан апакай булуттарды карап коюп жалгыз отурган өзүмчө сонун эле.

Көп өтпөй хутордун четки үйлөрүнүн биринен жолго чыккан эркек киши көзүмө чалдыкты. Турпатына караганда – беш-алты жаштагы кичинекей балакайды колунан жетелеп алыптыр. Алар өтмөктү көздөй жай илкип баратышты, бирок машинеге тушташ жакындап теңеле түшкөндө мен жакка бурула басышты. Нооча бойлуу, бир аз бүкүрөйө баскан эркек киши күңгүрөгөн жоон үнү менен амандашты:

– Салам, тууган!

– Салам, – дедим мен анын сунган шадылуу колун сыга кармай.

Эркек балакайга эңкейди да:

– Байкең менен учураш, балам. Ал деле сенин атакеңдей шоопур окшойт. Бирок биз экөөбүз жүк тарткан машинеде жүрсөк, ал болсо мобул кичинекей машинечени тебет экен.

Асмандай көпкөк көздөрү менен тигиле, ууртунан жылмайган балакай тартынбастан мага тыпыйган муздак колун сунду, анысы тимеле үшүп кызарып кетиптир. Мен баланын колун жеңил кыса сурадым:

–Эмне мынча колуң муздак, абышка? Күн ысып турса, сенин үшүп атканың кандай?

Бөбөктай наристенин ичти жылыткан баёолугу менен менин тиземе жабыша түштү да, таң кала апакай кирпиктерин өйдө көтөрдү.

– Менин эмнем абышка болуп турат, байке? Мен кичикий баламын, таптакыр үшүгөн да жокмун, колумдун муздактыгы – анткени кар томолотуп ойногон элем.

Ийнинен бөксөрөөк буюм мүшөгүн чече өх деп менин жаныма отурган атасы кобурап калды:

– Бул жол шерик менин шорума жаралган экен. Аны менен жүрүп менин да эсим оомой болду. Кадамыңды кеңенирек таштасаң, бул таптакыр эле тыпылдап калат, анан буга карап басып көр. Бир кадам коёр жерди үч ирет адымдайм, айтор, экөөбүз ат менен ташбакадай эки башка басык менен келатабыз. Анустүнө мындан көз албай карап турууга туура келет. Бир аз бери болсоң эле чалчык сууну кечип кеткени, же музду оозуна сала коюп, момспосуйдай соруп атканы. Жо, мындай жүргүнчү менен жөө саякаттаган эркек кишинин иши эмес экен. Ал унчукпай калып, анан сурады:

– Сен тууган, кыязы, чондоруңду күтүп атат окшойсуң?

Мен ага шоопур эмесмин деп айткым келген жок, ошондуктан:

– Күтүп турууга туура келет, - дедим.

– Тиги тараптан келишет ко?

– Ооба.

– Кайык жакын ортодо келбес бекен, билбейсиңби?

– Эки сааттардан кийин келип калышы керек.

– Али көп турбайбы. Мейли, келгенче эс алып отура турабыз, шаша турган жөнүбүз деле жок. Өтүп баратып эле карасам, өзүмдүн шоопур тууганым отурган тура, кой, аманчылык сурашып, бирден чылым чегели деп эле сага кайрылып калдым. Жалгыз өзүң чылым чеккиң да, өлгүң да келбейт. Бопорос чеккениңе караганда, бай окшойсуң. Нымдап алган турбайсыңбы? Билесиң да тууган, ным тамеки сыркоологон аттай, эч нерсеге жарабайт. Келе, андан көрө менин күчтүү чылымымдан тарталы.

Ал жайкы шымынын чөнтөгүнөн өңү өчкөн кызыл жибекке түтөкчө кылып оролгон чылым калтасын алып чыгып жайды, мен ошол замат анын бурчундагы «Кымбаттуу жоокерге Лебедянск орто мектебинин 6-классынын окуучусунан» деген жазууга көзүм түштү.

Экөөбүз тимеле тилди ачыштырган күчтүү чылымдан улам соруп коюп, көпкө унчукпай отурдук. Мен андан бул балакайды ээрчитип алып кайда баратат, күндүн ырайы моминтип турганда аны мынчалык алыс жолго кубалаган кайсы муктаждык болду экен деп сурайын деп турганда, өзү озунуп сурап калды:

– Сен анан согуш бүткөнчө машине айдап жүрдүңбү?

– Ооба, ошентсе да болот.

– Фронттобу?

– Ооба.

– Мен да ал жакта, тууган, көрбөгөндү көрүп, азабына кокомо чейин тойгом.

Ал шадылуу колдорун тизесине коюп, бүкүрөйө отурду. Мен аны капталынан карап туруп өзүмчө жаман болуп кеттим... Сиз кудум күл сепкендей, айтып болгус муң менен кайгыга толгон, пенде дит багып карай алгыс тунарган нурсуз көздөрдү көрдүңүз беле? Мага кокустан жолуккан жолоочу шеригимдин көздөрү ушундай эле.

*(уландысы кийинки санда)*



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (299)

30 01 2024

kyrgyztili@mail.ru





# Нарсулуу Гургубаева

***
*Күн ойгонот сен жашаган тараптан,
мен тарапта Күн өлөт да, Күн өчөт.
Билем, сенде Күндү тосмой адат бар,
мени Күндүн батпаганы жүдөтөт.*

*Чыгыш... Батыш... Аралыгы бир кылым...
Менин дүйнөм тең экиге бөлүндү...
Мен Кудайга салып турсам сыртымды,
не Кудайдай жалгыз болуп көрүндүң?!*

*Не жолуктуң күүгүм талаш кеч күздө,
не төгүлдүң жамгыр кары аралаш?!
...Бул дүйнөнү бөлбөй жашайт эстүүлөр...
Тегиз дүйнө теңсиздиктен жаралат...*

*...Бар экенсиң мен жашаган дүйнөдө,
кечим менин, кечиккеним бир өмүр.
Кечир мени, сен тазарган күнөөдөн,
менин кошо тазарганым күнөөдүр...*

*Жаратканга салып тургам сыртымы,
Жараткандай жалгыз болуп көрүндүң...*

***
*Кантип жашап жаттың экен, жаралуум,
карайлаган, кар айланган күндөрдү?!
Жазыла элек жалгыз ырың санаалуу,
жарыттыбы, карыттыбы дүйнөңдү?*

*Канттиң экен?! Балким көөнүң чыйрыкты,
кыштан эмес, адамдардан көбүрөөк.
...Бир калчанган, бир жалтанган жыл бүттү,
өмүр шунтип ойду-келди төгүлөт...*

*Канттиң экен? Мен чарчадым ызгаардан,
күкүктөгөн өз үнүмдөн чарчадым.
Жалган жомок күткөн жандар бул шаарда,
жаңы жылга жасалгалап арчасын,*

*Шөкөттөштү...
Үй, көчөсүн, муң-зарын,
шөкөттөштү, аяр, кооомай, сыртынан...
...Өчөт жарык, өчөт баары бир жанып,
Менин жолум бир бороон да, бир туман!...*

*Кантип жашап жаттың экен,жаралуум,
карайлаган, кар айланган күндөрдү?!
Жазыла элек ырың ээлеп санааңды,
жарытты же карытты го дүйнөңдү...*

## Кечиккен кат

*(Элмирбек Иманалиевге)
Канаты жок багынта албас дүйнөдөн,
жараты жок, жаны бүтүн чыккан аз...
...Акынзаадам, ким өз бизге, ким бөтөн?
Жүрөгүңдү жүдөттүбү ит талаш?!...*

*(Жүдөттү го, кай тарапты караба:
Карайган жол, жапыс асман, долу ызгаар...
Тагдыр, күйүт ташып жатат талаага,
Күүлдөгөн, үңүлдөгөн поюздар...)*

*Акынзаадам, сенин канжар жүрөгүң,
жараласа, жаралады бир сени...
...Бүгүн дагы кай тагдырда түнөгүң?
Сенин жолуң кай доорлорго чиркелүү?...*

*Теңдеп, түздөп Теңир берген өнөрдүн,
теңи бакыт, теңи шор го, билгенге.
Көптүн ыры кылым ашпай көөнөрдү,
көптөр күлүн үйө албады бир жерге.*

*Көбү сынды Улуу сөздүн жүгүнөн,
көбү сатты ыйманын да, ырын да!
...Жасап, жалгап жалаң гана сүйүүдөн,
оңой бекен, өмүр кошуу кылымга?...*

*Сөз дүйнөгө ордо болуу, ордого,
оңой бекен күйүп турган от болуу?
...Канча жолу карайлаган жолдордо,
сенин ырың бүт өмүргө окшоду...*

*Доорду доорго, кылымдарды кылымга,
туташтырган тунук, улук добушум.
...Аңыз болуп айтса, айтылды бир ырда,
айтылбаса, доордун деле жогу, чын...*

*Доор өмүрүн сөз узартат, сөз сүрөйт,
сүрөйт анан сендейлердин чындыгы!
Сен ырдасаң, бир кылымды өпкүлөп,
жалган беле жаркыганы бир кылым?*

*(Асмандайым, ак тандайым, ак таңдай,
көөнө сөздүн тамыры да, бутагы...
...Качандыр бир биздин дагы асманда,
Каркыралар катар бузбай учабы?...)*

*...Жалгыздыкка жанын төшөп, көшөргөн,
муң акыным, булбулум да, дулдулум.
Тагдырыңды өзүң гана көтөргөн,
таразалап бере албайт го бул кылым.*

*Жан дүйнөңдү өзүң гана көтөргөн,
таразалап бере албастыр бул кылым...*

***
*Бирде күздөй көшөгөсү сапсары,
бирде жаздай жашыл болуп бүчүрлөп,
бир сен болуп алыс, алыс жактагы,
кээде менин бакыт кирет түшүмө...*

*Бул бир кыял, бул жөн түштөр болгону,
а эшикте чындык бороон, бурганак.
Күнжүрөгүм, мен дагы эле жолдомун...
Жолдогу өмүр жоголот же уурдалат!*

*Арасында асыл, жашыл түштөрдүн,
өмүр ушул аласалган миң агым.
Көп агызды... Дагы агызат туш келди,
канталаган канаттарым чыдагын!*

*Күнжүрөгүм, сенин сүйүүң жеңбесе,
жеңет мени тагдыр бир күн нөшөрлүү,
Жеңилбегин, мен жеңилген жерде сен,
мен көшөрбөй койгон жерде көшөргүн!*

*Дүйнө ушул көбүктөнгөн көк ирим,
бирде сыздайт, бирде бийлейт, бир ыйлайт.
Сен жыгылба... Сени аясын Теңирим,
Сен жыгылба... Туулар жалгыз жыгылбайт!*

## Дүйнөлөшүм

*Сага келдим, көтөрө албай тулкумду,
Дүйнөлөшүм, угасыңбы дартымды?
Жаным бүгүн көктү карай булкунуп,
жаным бүгүн жерди карай тартылды.*

*Жагалданган жашоо токтоп калбады,
жаз төгүлүп гүлдөп жатат биз жакта...
Тыңдабадым, тыңдаганы даабадым,
сен тууралуу жаман-жакшы ырдашса...*

*Дүйнөлөшүм, коштоп биздин сапарды,
ыр да болду, өмүр болду бир өксүк.
“Акын болом... Акын!” деген, качандыр,
тилегимди тиктеп турам жүрөксүп...*

*Карегимде жамгыр, обон, булбул, ыр,
бир түп сирень бүрүн төккөн күлмүңдөп...
...Тагдырыңдын канат-шагын жулдуруп,
тамырыңды сактаганың, ким билмек?!*

*Айбыгамын Күндүн көзүн кароодон,
алып учпайм, ак чардактар кайкыса...
Какшап кайрып жаткан, билбейм, кай обон?
Көкүрөктү көзөп өткөн кай куса?*

*Билбейм, билбейм.., жашаганды билбеймин,
эрежени ким мага айтат болжолдоп?
...Жайкаган жок жаздын муңун бүрлөрү,
жашоо деле мен күткөндөй болгон жок...*

*Сага келдим көтөрө албай тулкумду,
Дүйнөлөшүм, үндөбөсүм, кыйбасым...
Жаным бүгүн көктү карай булкунду...
Жаз гүлдөдү... Апрелдин жыйырмасы...*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (299)
30 01 2024
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779,34 СОМ

**Кыргыз тили**
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
Бактыгүл ӨМҮРАЛИЕВА
0(702) 52 59 42

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Айтматов көчөсү, 1/1
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:**41
**Нускасы:** 3200